Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Жума, 2022-жылдын 20-майы | №45 (3380)

КЕРЕМЕТ ТАРТУУЛАГАН ХОР

Маданиятыбыздын тарыхында биринчи жолу 12 хор бир сахнада жандуу үн менен өнөрлөрүн тартуулашты. Хор ырдоо өнөрүн коомчулукка жайылтуу менен жаңы чыгармачылык байланыштарды түзүп, тажрыйба алмашууну максат кылган "Достук" республикалык хор сынагынын жыйынтыктоочу концертинде дүйнөлүк классикадан тартып улуттук чыгармаларга чейин жандуу үн менен жаңырышы, бул өнөргө жаңы өмүр тартуулагандай болду. Байге фонду бир миллион сомду түзүп, биринчи жолу уюштурулуп жаткан бул концерт А.Малдыбаев атындагы опера жана балет театрынын башкы хормейстери, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Карагул Тиленчиевдин жетекчилиги астында өттү.

АСМАН ШААРЫ

Ысык-Көл жээгине курула турган Асман шаары Тамчы аэропортуна 10-12 чакырым жакын жайгашмай болду. Аянты долбоордо жазылгандай эле 4 миң гектар боюнча калат. Шаар курулат деп пландалган жер биосфералык аймакка киргендигине байланыштуу, жылдырууга туура келген. Учурда бул долбоорду ишке ашыруу үчүн Франция, Түркия мамлекеттериндеги инвесторлор менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Абасы таза, заманбап шарттары бар 500 миң туруктуу жашоочуга ылайыкташкан шаарды курууга болжол менен 7-10 жыл кетет.

ЖОЛ КИРЕ

Муниципалдык автобустар менен троллейбустар 1-июлдан баштап жол акысын накталай алууну токтотот. Бишкек шаардык мэриясынын билдирүүсү боюнча жүргүнчүлөр жол кирени VISA, ЭЛКАРТ, "Тулпар"карталары, NFC виртуалдык картасы жана Balance мобилдик тиркемелери аркылуу төлөшөт.

ЖӨЛӨКПУЛДАР ЖОГОРУЛАЙТ

Президент Садыр Жапаровдун "Калктын аялуу катмарларынын айрым категорияларына мамлекеттик колдоону күчөтүү жөнүндө" Жарлыгына ылайык, өлкө боюнча 349 миң бала "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алышат. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген Базарбаевдин билдирүүсү боюнча үстүбүздөгү жылдын 1-июнунан тартып аталган жөлөкпулдун өлчөмү 50 пайызга көтөрүлөт. Ага мамлекеттик казынадан 1 миллиард 191 миллион сом каралган. Өзгөчө калктын аялуу катмарын, анын ичинде бирөөнүн багуусуна жана көзөмөлүнө дайыма муктаж болгон, биринчи топтогу майыптыгы бар адамдарга мамлекеттик колдоону күчөтүү милдеттендирилген.

Мавлян АСКАРБЕКОВ:

"Ачыктала элек маалыматтар өтө көп"

3-БЕТТЕ

Жакшылык МАТАНОВ:

"Чет өлкөдө билим алуу өтө ыңгайлуу"

4-БЕТТЕ

Абдыкерим МУРАТОВ:

"Арча түбүндөгү айдың кеч"

9-БЕТТЕ

ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КЛИМАТТЫ ЖАКШЫРТУУ

Президент Садыр Жапаров 17-майда Абу-Даби шаарында экономикалык кызматташтык боюнча Кыргыз-Эмират өкмөттөр аралык комиссиясынын төрагасы, Бириккен Араб Эмираттарынын энергетика жана инфраструктура министри Сухэйл Аль Мазурэй менен жолугушту.

Анда Кыргызстандагы инвестициялык климатты жакшыртууда БАЭ тажрыйбасын колдонуу боюнча иш тобунун ишмердүүлүгүн активдештирүү зарылдыгына өзгөчө көңүл бурулду. Мындан сырткары БАЭден Кыргызстанга туристтерди тартуу боюнча маселелер да талкууланды.

КУТТУКТОО

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Виктор Орбанды Венгриянын Премьер-министри кызматына кайрадан шайланышы менен куттуктады.

«Быйыл Кыргызстан менен Венгрия дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнүн 30 жылдыгын белгилеп жатат. Кыргыз Республикасы Венгрия менен мамлекеттер аралык мамилелерди стратегиялык өнөктөштүк нугунда чыңдоого умтулат деп ырастайм. Биз бардык чөйрөлөрдө өз ара кызыкчылык туудурган кызматташтыкты мындан ары да кеңейтүүгө кызыкдарбыз» деп айтылат куттуктоодо.

КЫЗМАТТАШУУНУН КЫЙЫРЫ КЕНЕН

Шаршемби күнү Президент Садыр Жапаров менен Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев телефон аркылуу сүйлөшүштү.

Садыр Жапаров адегенде Касым-Жомарт Токаевди туулган күнү менен куттуктап, ага чың ден соолук, өлкөгө бакубатчылык каалады. Ошондой эле Кыргызстан Казакстан менен саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык байланыштарды кеңейтүүгө даярдыгын билдирди.

МЕКТЕПТЕРДИН КООПСУЗДУГУ ТЕКШЕРИЛЕТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 17-майда Жалал-Абад облусунун Чаткал районундагы Терек-Сай айылындагы №18 орто мектептин имаратынын шыбы урап түшкөндүгүнө байланыштуу жыйын өткөрдү.

Анда билим берүү мекемелеринин коопсуздугуна жооптуу мамлекеттик органдардын ишин сынга алды. Отурумдун жыйынтыгында мамлекеттик органдарга окуянын себептерин аныктоону, республиканын бардык мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү мекемелеринин имараттарынын техникалык абалын текшерүүнү тапшырды.

САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 18-майда «Korea Telecom Corporation» (Корея Республикасы) телекоммуникациялык компаниянын өкүлдөрү менен жолугушту.

Акылбек Жапаров, Мамлекет башчысы ачык-айкын жана адилет бийликти курууга кызыкдар экендигин, бул максатка жетүү үчүн маанилүү кадамдардын бири санариптик өкмөттү түзүү болуп саналаарын белгиледи. 2026-жылга чейин өлкөнү өнүктүрүүнүн Улуттук программасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүү жана санариптик трансформация артыкчылыктуу багыттар экендигин кошумчалады. Санариптик өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын иштеп чыгуу демилгесин колдогондугу үчүн компанияга ыраазычылык айтты.

КУРУЛУШТАР КӨҢҮЛ ЖУБАТАТ

Шейшемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Бишкек шаарынын борбордук көчөлөрүнүн абалы менен таанышып чыкты.

Анда «Ала-Тоо» борбордук аянтын реконструкциялоодогу асфальт төшөө иштеринин жүрүшү жана Чүй проспектисинен Фрунзе көчөсүнө чейинки тилкедеги жолдун абалын көрүп, жашылдандыруу иштерине да дыкаттык менен көңүл бурууну талап кылды.

Андан сыркары жаңы салынып жаткан №40 орто мектептин имаратында, оңдоп-түзөө жүрүп жаткан №75 орто мектеп-лицейинде болду.

Акылбек Жапаров, Президент Садыр Жапаровдун жаңы окуу жылына чейин борбор калаада 15 мектеп жана 5 мектепке чейинки билим берүү мекемесин куруу боюнча тапшырмасы толугу менен аткарылып жатканын белгиледи. Буга республикалык казынадан 2,5 миллиард сомдон ашык каражат бөлүнгөн.

БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов 18-майда Баткен облусундагы орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү менен жолугушууларды өткөрдү.

Анда мамлекет тарабынан билим берүү тармагында жүргүзүлүп жаткан өзгөрүүлөргө токтолуп, учурда суроо-талапка ээ болгон жана келечектүү кесиптердин өзгөчөлүгүнө токтолуп, жогорку окуу жайларына тапшырууда адистикти туура тандоо боюнча өз тажрыйбасы менен бөлүштү.

Ошондой эле облустагы билим берүү тармагындагы көйгөйлөр, жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу, чек арага жакын аймактардагы бүтүрүүчүлөр үчүн атайын бюджеттик орундарды бөлүп берүү тууралуу да сөз болду.

АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР КАРАЛДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев 18-майда Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун башкы директорунун орун басары Хасан Клейб менен жолугушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө интеллектуалдык менчик жаатында кызматташуунун актуалдуу маселелери талкууланды. Ушул тапта Кыргыз Республикасында 2022-2026-жылдарга интеллектуалдык менчикти жана инновацияларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын бекитүү процедурасы аяктоо алдында турат.

Ошол эле учурда чет мамлекеттерде биздин ата мекендик айыл чарба продукциясын баалоого мүмкүндүк берүүчү товарлар чыгарылган жерлердин аталыштарын коргоо жана аларды эл аралык каттоо боюнча Лиссабон келишимине кошулуу маселеси каралууда.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын ишин регламенттөө максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүдөй чектик штаттык сан белгиленсин:

- 425 бирдик санында Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын;
- 1658 бирдик санында Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын ведомстволук уюмдарынын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы:

- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;
- ушул Жарлыктан келип чыгуучу уюштуруучулук жана башка чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 17-майындагы №186 «Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жөнүндө» Жарлыгы күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 18-майы, ПЖ №155

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНА КАРАШТУУ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК ОБЪЕКТТЕРДИ КУРУУ, РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ДИРЕКЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекцияны башкаруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекция" мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекциясы" мамлекеттик ишканасына өзгөртүп түзүү жолу менен кайра уюштурулсун.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекциясы" мамлекеттик ишканасы (мындан ары – мамлекеттик ишкана) "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекция" мекемесинин укук мураскери болуп эсептелет деп белгиленсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгиленген тартипте:

- мамлекеттик ишкананын Уставын бекитсин;
- кайра уюштурулган юридикалык жактын өткөрүп берүү актысын бекитсин;
- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жана мамлекеттик ишкана белгиленген тартипте:

- мамлекеттик ишкананы юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;
- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка зарыл чараларды көрсүн.

5. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 18-майы, ПЖ №156

САЛЫМЫҢДЫ КОШ, БАЙГЕЛҮҮ БОЛ!

ККМ ЧЕК – САЛЫК СИСТЕМАСЫНЫН РЕФОРМАСЫ

"Мамлекет мага эмне кылды?" дебей, "Мен мамлекетим үчүн эмне кылдым?" деген суроону ар кимибиз өзүбүзгө бере турган учурга келгенибиз талашсыз. Дүйнөдөгү акыркы окуялар, чоң державалардын тиреши, алдыда күтүлүп жаткан дүйнөлүк экономикалык кризис, азык-түлүк коопсуздугу экономикасы чакан, импортко көз каранды болгон мамлекеттерге катуу сокку урчудай болуп турат. Мындай эпкиндин тепсендисинде калып кетпеш үчүн өлкөлөр өз экономикасын бекемдөө гана керек. Башка жол жок. Бул азыркы учурдун талабы...

Кыргыз бийлиги да экономика, финансы тармагында реформаларга барчу мезгил келип жеткенин түшүнүп, жаңы стандарттарга ылайык өлкөдөгү соода тармагынын өкүлдөрүн ККМ колдонууга милдеттүү түрдө өткөрүүнүн аракетинде. Бул кадам көмүскө экономиканы ачыктоо катары түшүндүрүлгөн. Бийлик бардык нерсе ачык болушу керек деген позицияны карманууда. Мамлекеттик Салык кызматы ККМдин жаңы моделдерин колдонуу боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу аракетинде. Долбоордун алкагында салык төлөөчүлөргө ККМ жана аларды тейлөө кызматын акысыз көрсөтүү жолго коюлган. Жылдын жаңырышы менен салык кызматкерлери патент колдонууну пландуу жокко чыгаруу, ККМди жаңы стандарт боюнча колдонуу милдетин түшүндүрүү иштери менен алек болуп келишет. Чындыгында эле патент боюнча салык төлөө менен ККМди колдонуунун ортосундагы айырмачылыктар кесипкөй адистердин түшүндүрүү иштерине муктаж. Ар тараптуу ишкерликтин бардык бутактарын мындай заманбап тейлөөгө өткөрүү –көмүскө кирешелерге мамлекеттик көзөмөлдү орнотуу. Мыйзамсыз соодасатык жүргүзүүгө бөгөт коюу менен коррупцияны токтотууга жасалган натыйжалуу кадам.

Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары Исламбек Кыдыргычовдун айтуусунда, азыркы учурда аппараттык жана программалык болуп эки типтеги ККМ аппараттар колдонулуп жатат. Аппараттык ККМ – бул маалыматтарды онлайн өткөрүп берүү модулу бар фискалдык эстутуму менен кадимки кассалык аппарат. Ал эми программалык ККМ – тиркеме түрүндө болот. Ал смартфонго, планшетке же компьютерге бекер орнотулат. Бул аппараттык ККМдин эң жеткиликтүү түрү болуп саналат. Ага кардарга берүү үчүн чек басып чыгаруучу принтерин сатып алуу жетиштүү. Талапка ылайыкташтырып программалык ККМди "Plau Market"("Онлайн ККМ" тиркемеси) аркылуу смартфонго бекер жүктөп алууга болот. Аппараттык контролдукассалык машиналарды техникалык жактан тейлөө борборлорунан алса болот. Ошондой эле бүгүнкү күндө "Керемет Банк", "РСК Банк" жана "Айыл Банктары" POS терминалы даяр, заманбап ККМди акысыз берип жатышат.

Азыр учур ар тараптуу өнүгүүнү, өзгөрүүнү талап кылып жаткан чакта эски системага көнүп калган адатты дароо өзгөртүү татаал экендигин билебиз. Ага убакыт талап кылынат. Келечекте бул кадамдар натыйжалуу жыйынтык берээрине ишеним зор. Көпчүлүктө текшерүү келсе эле мыйзам бузууларга көз жумуп, жең ичинен сүйлөшүп бүтүрсө болот деген түшүнүк калыптанып калган. Мындай мыйзамсыз иш-аракеттерден арылтып, салык төлөөнүн жаңы системасынан мамлекеттик казынага канчалык деңгээлде пайда түшөөрүн, ишкерликтин коопсуз болушун далилдөө жана кардарларды көндүрүү максатында мамлекеттик салык кызматы тарабынан лотереялар ойнотулууда. Катышуу оңой. Болгону кардар алып-сатуу, тейлөө иштеринин дээрлик бардык түрлөрү үчүн ККМ чек талап кылыш керек. Чекти кадимки эле кол телефон аркылуу "Салык чек" көчүрмөсүнө каттайт. Лоторея өлкөбүздүн бардык аймактарында ойнотулуп, үстүбүздөгү жылдын 31-декабрында аяктайт. Ойнотуу үч этап менен өтүп, жүздөгөн баалуу байгелер каралган. Үч этапка төрт автоунаа, акыркы үлгүдөгү айфондордон баштап үй-тиричилигине керектүү техникалардын түрлөрү каралган. Баш байге – Бишкек шаарынан бир бөлмөлүү батир. Бул-заманга ылайык кызыктыруучу маркетингдик кадам. Мамлекеттик салык системасындагы жүргүзүлүп жаткан реформаларды калк арасына жеткирүүнүн заманбап жолу. Өлкөбүздүн казынасын толтурууга кол кабыш кылуу менен салык кызматынын реформасына баш ийүүгө милдеттүүбүз.

Разия ЖООШБАЕВА

КЫҢЫР ИШ КЫРК ЖЫЛГА ЖЕТПЕЙТ

Жарандык активист Мавлян АСКАРБЕКОВ:

"АЧЫКТАЛА ЭЛЕК МААЛЫМАТТАР ӨТӨ КӨП"

Мындан беш жыл мурда, 2017-жылдын 16-январында Чүй облусунун Сокулук районунун Дача СУ калктуу аймагында болгон учак кырсыгын иликтөө үчүн Президент Садыр Жапаров ушул айдын башында коомдук комиссия түзүү жөнүндөгү Жарлыкка кол койгон. Комиссия түзүлөрү менен дароо ишин баштап, биринчи отурумун өткөрдү. Анын курамына укук коргоочу Гүлшайыр Абдирасулова, журналист Дилбар Алимова, "Эйр Манас" авиакомпаниясынын өкүлү Бекзат Алимов, "Ачык маалымат фондунан" Элнура Алканова, жарандык активист Мавлян Аскарбеков, укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова, "Стоп Беспредел" маалымат сайтынын башкы редактору Кайрат Кенжебай уулу, адвокат, милициянын отставкадагы полковниги Кубанычбек Култаев, жарандык активист Тимур Махмудов, укук коргоочу Динара Ошурахунова, иликтөөчү журналист Али Токтакунов, укук коргоочу Нурбек Токтакунов, журналист Адил Турдукулов, экс-депутат Бактыбек Турусбеков, укук коргоочу Эркингүл Убышева, жарандык активист Самсаалы Четимбаев, экс-премьер-министр Кубатбек Бороновдор кирип, ал эми Алмамбет Шыкмаматов комиссиянын төрагасы болуп бекитилди. Биз жарандык активист Мавлян Аскарбековго кайрылып, комиссиянын иши кандай башталгандыгына кызыгып, суроо узаттык.

- Мавлян мырза, Дача СУда кырсык болгондон кийин сиз анын чоо-жайын аныктоого аракет кылгандардын сап башында тургансыз. Ошол мезгилде кайсыл маселелер иликтенбей калды эле?

- Дача СУдагы каргашалуу кырсыктын чоо-жайын аныктоодо активдүүлүк менен айрым суроолорго жооп издеп келгеним менен изилдөө иштерине башынан аралашкан эмесмин. Өзүңүз билесиз, ал кезде биз оппозицияда болгонбуз. Активдүү түрдө элдин таламын талашып чыксам, Мавлян трагедиядан дагы пиар жасап жатат деген пикир жаралбасын деп көп аралашкан эмесмин. Бирок, кырсыктан 40 күн өткөндөн кийин Дача СУга куран окутуп барсак, эл "биздин үнүбүздү Президентке, Жогорку Кеңешке жеткирүүгө, кайрылууну даярдоого жардам бериңиз" деп суранып калышты. Алар айрым маселелер боюнча туура эмес изилдөөлөр болуп жаткандыгын айтышып, жардам сурашты. Ошентип активдүү түрдө аралашууга туура келди.

- Ошол мезгилде кырсык иликтенип бүттү деп айтылган. Бирок, азыр башкача сөздөр айтылып жатат.

- Беш жыл өткөн соң Президент Садыр Жапаров кырсыкты иликтеген комиссия түздү. Бул эң туура кадам болду. Комиссиянын курамы да калыс түзүлгөнүн белгилеп кетейин. Ачык айтсам, иликтене турган маселе абдан көп. "Эмне үчүн беш жыл өтсө да иш иликтенип бүтө элек? Элден чогулган 102 миллион сом каражат кайда кеткен?" деген суроолор ачык бойдон калып келди.

- Бул каражаттардын өз дарегине жеткирилиши боюнча отчёт берилген эмес беле?

- Берилген эмес. Мындан тышкары "Өкмөт тарабынан компенсация берилдиби? Түрк авиакомпаниясы тарабынан компенсация төлөнгөнбү? Учактын калдыктары, андан чачылган товарлар кайда? Алтын, телефон, компьютерлер кампага киргизилген дешет. Ошолор кайда? Түрк авиакомпаниясы менен сүйлөшүүлөрдү ким жүргүзгөн? Депутаттык комиссия кандай жыйынтык чыгарган?" деген сыяктуу көптөгөн суроолор жоопсуз болууда. Бүгүнкү күнгө чейин ошол каттам биздин мамлекетке учуп келип жатат. Ким ошону көзөмөлдөйт? Ал кезде ошол учак Кыргызстанга 52 жолу келип кеткен. Андагы жүктүн ээси ким экендиги айтылышы керек эле. Ушул күнгө чейин бул суроолорго ачык жооп жок болгондуктан, Президентибиз комиссия түздүрүп жатат.

- Иш аягына чыгат, жүктүн ээси ачыкка чыгат деп ойлойсузбу?

- Ишеним бар. Үмүт бар.

- Комиссиянын биринчи отуруму болуп өттү. Кандай чечимдер кабыл алынды?

- Уюштуруу маселесин, иштөө тартибин бекиттик. Жабыр тарткан эл менен жолугушууларды өткөрүү, маанилүү учурлар тууралуу сүйлөштүк. Андан тышкары күч органдарына суроолорду жөнөттүк. Отурумда ошол кезде Өзгөчө кырдаалдар министри болуп турган Кубатбек Бороновду курамдан чыгаруу боюнча маселе көтөрүлдү. Боронов комиссияга кошулуу сунушу түшкөнүн, андан баш тарта албагандыгын айтты. Ал эгер курамдан чыгаруу чечими кабыл алынса, ага да макул экендигин билдирди. Бирок, жалпы курам Кубатбек Бороновдун ошол кезде бийликте туруп, бул иштерге түздөн-түз аралашып жүргөндүгүн эске алып, суроолорго жооп берүү үчүн комиссиянын курамында болгону оң деген чечим кабыл алды.

- Азыр Дача СУнун эли кандай жашап жатат?

- Өткөн ишемби күнү барып, эл менен жолугуп келдим. Эл мурдагыдай эле кооптуу жайда, коркунучтун алдында жашап жатышат. Алар ошол кезде жабыркагандарга үйлөр тааныш аркылуу берилген деген доокаттарды коюшууда. Муну биздин комиссия далилдей алат деген ишеним бар. Президентибиз Садыр Жапаров да 35 жараныбыздын өмүрүн алып кеткен кырсыктын чоо-жайын изилдөөгө кызыкдар.

- Негизи Дача СУ аймагы боюнча оюңуз кандай?

- Элди көчүрүү керек. Шаарга көп кабаттуу үй куруп, ага Дача СУнун жашоочуларын жайгаштыруу боюнча демилгелер мурда эле көтөрүлгөн. Элдин өзүнүн да суранычы ошол. Бул жер кооптуу аймакка кирет. Ким эле ар дайым коркунучтун алдында жашагысы келсин. Мындай трагедиялуу окуя өлкөдө биринчи жолу болду. Эми кайталанбасын деп тилек кылалы. Кандай болгон учурда да кырсык адилеттүү иликтенип, бардык суроолорго жоп ачык жана так болушу керек. Мындай ачыктык көптөргө сабак болот деп ойлойм.

- Комиссия алты ай аралыгында жыйынтык чыгарышы керек экен. Жарым жылда маалыматтарды ачыктоого жетише аласыздарбы?

- Менин оюмча алты ай жетет. Азыр иштөө графигин түзүп алдык. Иш өз тартиби менен кетсе, ушул убакыт бизге жетет. Биринчи отурумда Дача СУнун эли менен чоң жолугушуу өткөрүүнү сунуштадым. Ал да ишке ашат деп ойлойм.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Сиз кандай ойдосуз?

ДҮЙНӨЛҮК ШАЙКЕШТИККЕ ЖЕТЕЛЕГЕН 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕП

Өлкөбүздүн билим берүү тармагындагы жүргүзүлүп жаткан реформалардын бири катары мектептерде 12 жылдык окуу программасын киргизүү каралып жатат. Билим берүү жана илим министри Алмазбек Бейшеналиевдин демилгеси менен көтөрүлүп жаткан бул маселени коомчулук ар кандай кабыл алууда. Көпчүлүк 12 жылдык мектеп – жалпы дүйнөлүк тренд, өнүгүүгө карай мезгил талабы дешсе, айрымдары бүгүнкү билим берүү сапаты мындай чукул өзгөрүүгө таптакыр даяр эмес деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Алмазбек БЕЙШЕНАЛИЕВ:

"МАКСАТЫБЫЗ – БАЛДАРДЫ ЧӨЙРӨГӨ ЭРТЕ АРАЛАШТЫРУУ"

-Дүйнөнүн 136 өлкөсүнүн билим берүү тармагында ийгиликтүү колдонулуп келе жаткан мындай ыкма өлкөбүздүн бүтүрүүчүлөрүнүн аттестатын чет мамлекетте таанууну жеңилдетет. Мындай кадам дүйнөлүк билим берүү системасына шайкеш келет. Буюрса, бир айдын ичинде билим берүүнүн бирдиктүү стандартын бекитебиз. Ага ылайык 12 жылдык билим берүү программасын киргизүүнү көздөп жатабыз. Бул окутууга дагы бир жыл кошулат дегендикке жатпайт. Бизде мектепке даярдоочу 0-класс бар. Ал эми дүйнөлүк практикада бул жок экен. Тескерисинче, ошол 0-класс 1-класс болуп эсептелип, билим берүү 12 жылдык деп эсептелет. 6 жашында мектепке келген балдарга дароо эле оор программалар сунушталбайт. Негизги максат – балдарды чөйрөгө эрте аралаштыруу жана эң негизги окуу көнүмдөрүн калыптандыруу. Мектеп программасындагы жалпы жүктү азайтып, 12 жылга бирдей бөлүштүрүү жагы кайра каралып чыгат. Бүгүнкү күндө студенттер өлкө аймагында жайгашкан окуу жайларда гана билим алышпастан, дүйнөлүк, эл аралык окуу жайларга тапшырып жатышат. Көпчүлүк мамлекеттерге барганда биздин окутуу системабыз 11 жылдык деп толуктатып, окутушат. Же болбосо Билим берүү министрлигинен толук билим алгандыгын далилдеген маалымдама талап кылышат. Мындай кыйынчылыктар болбош үчүн 0-классты кошуп, ирээттеп коюу боюнча демилге көтөрүп чыктык. Тактап айтканда бала 7 жашынан эмес, 6 жашынан милдеттүү түрдө биринчи класска аттанып, 0-класс жоюлат. Бул жерде бала жылдан утулбайт, болгону дүйнөлүк стандартка ылайык болобуз. Биз туура маалымат бергенди жана кабыл алганды үйрөнүшүбүз керек. Айрым ата-энелер балдарын мектепте дагы бир жыл жүрөт деп чочулап жатышат. Андай эмес, 11-классты кайсы курактa бүтүп жатса, ошол эле курактa аяктайт.

Башталгыч класстардын мугалими Мээр ЕСЕНАЛИЕВА:

"АНЧАЛЫК ДЕЛЕ ЧОҢ ӨЗГӨРҮҮ БОЛУП КЕТПЕЙТ"

- Өлкөбүздүн билим берүү тармагы СССР убагынан калган айрым эски системалардан арыла албай келет. Ошондуктан бул тармак түп тамырынан бери өзгөртүүгө муктаж. Бирок, мындай жол менен эмес. 0-классты 1-класс кылып койгондон анчалык деле чоң өзгөрүү болуп кетпейт. Менимче, балдар мындай чукул өзгөрүүгө даяр эмес. Бул өтө узак процесс экендигин, убагында иш-тажрыйбалар аныктаар. Биринчи кезекте биз стратегияны өзгөртүүбүз зарыл. Келечектеги башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоого көңүл бурушубуз керек. Баланын 6 жаштан мектепке көнүшү өтө татаал. Аны мага окшогон мугалимдер туура түшүнөт болуш керек. Бүгүнкү күндө айрым мектептерде бир класста 45-48ден окуучу окуйт. 6 жашта алардын ар бирине өзгөчө мамиле кылыш керек. Тилекке каршы буга убакыт жетпей калат. Анын үстүнө башталгыч класстардын мугалимдигине жаш кадрларды тартууда кичине аксап жатабыз. Жаштар жаңыча көз карашта изденип, сабакты кызыктуу алып барышат. Биринчи орунда дүйнөлүк стандартка жооп бергендей кылып жаңы программалар, ыкмалар иштелип чыгууга тийиш. Мурда Асан, Үсөндү мисал кылып сабак өтө берчү болсок, азыр заманбап мультфильмдерди мисал кылсак окуучулардын кызыгуусу күчөйт. Ошондуктан алгач каалайсыңбы, каалабайсыңбы мультфильмдердин түрүн мугалим көрүп, түшүнүп чыгыш керек. Ал эми жашы элүүгө таяп, же ашып калган башталгыч класстардын мугалимдери антип изденишпейт. Сабак көңүлсүз болсо, окуучу мектепке баргысы келбейт. Жогорку класстарды дүйнөлүк стандартка теңесек ыңгайлуу болсо, башталгыч класстар үчүн кыйын эле болот болуш керек.

"Intellect school" жеке менчик мектебинин негиздөөчүсү Жакшылык МАТАНОВ:

"ЧЕТ ӨЛКӨДӨ БИЛИМ АЛУУ ӨТӨ ЫҢГАЙЛУУ"

- Өлкөбүздүн 12 жылдык билим берүү системасына өтүүсү – жетиштүү ойлонулган чечим. Биз суктанган АКШ, Сингапур, Финляндия, Грузия мамлекеттери балдарын ушундай ыкма менен окутуп, жакшы көрсөткүчтөргө жетишип келе жатышат. Эгерде ата-эне баласынын Кыргызстанда мектепти аяктагандан кийин чет өлкөдө билим алышын кааласа, анда өтө ыңгайлуу. Мектепти аяктаган бүтүрүүчүнүн аттестатын чет мамлекетте таанууну жеңилдетет. Биздин билим берүү системабыз буга даяр. Мектепке 6 жаштан тартып кабыл алуу бала бакчалардын жүгүн кыйла азайтып балдардын эрте курактa, мисалы 2 жаштан тартып бала бакчага баруусуна шарт түзүлөт. Азыр болсо орун жоктугунан андай мүмкүнчүлүк да жок болуп жатат. Акыркы жылдарда мектептердин астында төрт миңге жакын мектепке чейинки даярдоо классы акырындык менен түзүлүп, жабдылып калган. Аларга жыл сайын 5,5-6,5 жаштагы 102-107 миңдей бала барат. Бул 1-класска барган балдардын жалпы санынын 70 пайыздан ашуунун түзөт. Мектептеги окуу программасын 12 жылга бөлүштүрүү менен жүк азайып, кайра каралат. Бул балдарды өзүн-өзү өнүктүрүүчү ийримдерге, спорттук секцияларга, курстарга катышууга кенен бош убакыт калтырууга мүмкүндүк берет. Башталгыч класста үй тапшырмаларын аткарууга 1,5, ортоңку класста 2,5 ал эми жогорку класста 3,5 сааттан ашпаган убакыт кетет. 12 жылдык мектептин дагы бир артыкчылыгы, келечекте ашыкча болбой турган кесип тандоого багытталгандыгында. Бул колледждердеги жана жогорку окуу жайларындагы жалпы билим берүү предметтеринин санын кыскартууга жардам берет. Аларга кесиптик блоктордун атайын сабактарына көбүрөөк басым жасоого мүмкүндүк берет.

ОТСТАВКАСЫН ТАЛАП КЫЛЫШУУДА

Ирандын бир катар шаарларында азык-түлүктүн кымбатташынан улам жана аларга карата субсидия жокко чыгарылгандыгы үчүн каршылык акциялар өтө баштады. Катышуучулар дүкөндөрдү талкалап, президенттин отставкасын талап кылышууда. Каза болгондор да бар.

Өлкөдө жыл сайын субсидия иретинде 900 триллион туман (300 миллиард доллардын тегереги) төлөнүп келген. Ирандын президенти Ибрагим Раиси 9-май күнү экономикалык каатчылык менен күрөшүүнүн алкагында айрым товарларга субсидия берүүнү токтотоорун жарыялаган.

КАТААЛ ШАРТТАР

Ашхабадда мамлекеттик транспорттук түзүмдөрдүн өкүлдөрү такси кызматына карата көзөмөлдү күчөтүү максатында жаңы эрежелерди киргизди. Ал боюнча автоунаалардын ылдамдыгы саатына 70 чакырымдан ашпоого тийиш. Ошондой эле алдыңкы орунга аялдарды отургузууга жана салонго үчтөн ашык киши алууга тыюу салынат. Көмүскө такси кызматын көрсөткөндөргө жана эрежелерди бузган айдоочуларга ири өлчөмдөгү айып пул салынып, 15 суткага камакка алынат.

КОНДИЦИОНЕР ИШТЕТҮҮГӨ ЧЕКТӨӨ

Энергетикалык кризисти болтурбоо үчүн Италиядагы мекемелерде кондиционерди 25 градустан төмөн коюуга тыюу салынды. Жаңы эрежелерге ылайык, кышкысын коомдук жайларда абанын температурасы 19 градустан ашпоого тийиш. Бул газды үнөмдөө менен Орусияга көз каранды болбоо үчүн жасалган кадамдардын бири деп түшүндүрөт Италия бийлигинин өкүлдөрү.

Украина менен Орусия мамлекеттеринин ортосундагы саясий кырдаалдан улам Италия газ импортунун 45 пайызын түзүп келген орус газынан баш тартып, Анголадан келген газды көбөйтүү боюнча келишимге кол койгон.

БИРИНЧИ БАЙЛЫК ДЕН СООЛУК

Белгилүү Голливуд киноактеру Брюс Уиллис ден соолугуна байланыштуу карьерасын жыйынтыктады. Алтымыш жети жашты багындырган тасма жылдызына афазия деген диагноз коюлган. Афазия – мээдеги көйгөйдөн (инсульт, жаракат, шишик же сезгенүүдөн) улам сүйлөө, түшүнүү, окуу жана жазууга кыйындык жаралуучу оору.

Бетти даярдаган Разия ЖООШБАЕВА

Улуу көчтүн уланышы

Кыргыз улуттук “Манас” театрынын директору Азиз БИЙМЫРЗА уулу:

“Мойнума жоопкерчиликтүү милдет тагылды”

ӨНӨРДҮН ӨР АЛЫШЫ

“Дүйнө элдеринин оозеки мурасынын шедеври” деп аталган кыргыз элинин маданий баалуулуктарын алып жүргөн айтуучулук өнөрүнүн ЮНЕСКО тарабынан колдоого алынышы “Манас” театрын ачууга чоң өбөлгө болгон. Максаты – кыргыз элинин оозеки салттагы чыгармачылыгын сактап калуу менен аны калк арасына кенен жайылтуу. Тагыраак айтканда, манасчылык, төкмөлүк жана дастанчылык өнөрдү алып жүрүүчүлөрдүн башын бириктирип, аны жайылтууга шарт түзүп берүү. Анын негизинде 2003-жылы “Адамзаттын материалдык эмес руханий шедеври” деген аталышта атайын жыйнак да жарык көргөн. Башында Кыргыз Республикасынын Баатыры Бексултан Жакиев, ал кездеги “Айтыш” коомдук бирикмесинин уюштуруучусу Садык Шер-Нияз турган. Мындай иш-аракеттин жыйынтыгы жемиштүү болуп, ЮНЕСКО-нун атайын сыйлуу күбөлүгүнө ээ болгон. Даражалуу сыйлыкты аталган уюмдун жетекчиси Коитиро Мацуура тапшырып кеткен.

ЖАРЛЫКТЫН ЖАРЫГЫ

Мындан эки жыл мурун "Манас" эпосунун күнүнө" карата иш-чара демөөрчүлөрдүн колдоосу менен Таластын “Манас Ордо” комплексинде өткөн. Ошол кездеги мамлекеттин маданият, маалымат жана спорт министринин орун басары болуп турган Кайрат Иманалиев катышып, театр ачуу боюнча өнөр адамдарынын пикирлерин угуп кеткен эле. Көп өтпөй биздин өтүнүч-талаптарыбыз Президент Садыр Жапаровго жетип, легендарлуу министр айым, Кыргыз Республикасынын Баатыры Күлүйпа Кондучалованын 100 жылдык мааракесинде “Манас” театры ачыла тургандыгын жар салды. Ошентип 2021-жылдын аягында 33 штаттык бирдик менен Кыргыз мамлекеттик “Манас” театры ачылды. Башкы максат – кыргыз элинин оозеки мурасын камкордукка алуу болду. Бишкекте 2021-жылдын 25-сентябрында өткөн Дүйнө элдеринин эпосторунун алтынчы Эл аралык фестивалынын жабылуу аземинде расмий жарыяланып, жетекчилигине мен дайындалдым. Көп өтпөй дагы 50 штат менен дастанчы, төкмө акындар кошулду. Удаа эле эмгек акылар көтөрүлдү. Алты ай өтүп Президентибиздин Жарлыгы менен “Улуттук” макамга ээ болдук. Имараттуу да болдук. Кеп кезеги келгенде айтылбаса болбостур. Учурдан пайдаланып биздин айтуучулар өнөрканасы үчүн колдоо көрсөткөн Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровго, мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетовго, УКМК-нын төрагасы Камчыбек Ташиевге, өзгөчө жакындан жардам берген Башкы прокурор Курманкул Зулушевге жана маданият, маалымат жана спорт министри Азамат Жамангуловго терең ыраазычылык билдирип кетким келет. Өндүрүштүк мекемеге жетекчи болуу менен театрга жетекчи болуунун айырмасы чоң эмеспи. Мойнума ары жоопкерчиликтүү, ары түйшүктүү милдет тагылгандан бери ар тараптуу изденүүгө туура келет экен. Документ иштери аяктап калды. Мамлекеттик мүлк фондунда кармалып жаткан документибиздин үстүндө бир аз убакытка уттуруп жатабыз. Учурда театрды Маданият, маалымат жана спорт министрлиги каржылап, 83 штаттык кызматкерлер жыйырма миңден ашык айлык акы алып эмгектенишет.

ДҮЙНӨЛҮК ДЕҢГЭЭЛГЕ ЖЕТЕЛЕГЕН КАДАМ

Көз алдыбызга театр десе эле калыптанып калган драматург, режиссёр, сахнага ылайыкталып жазылган сценарий сыяктуу нерселер келиши мүмкүн. Биздин театр драма театрлардан айырмаланып эпикалык театр болуп эсептелет. Бул айтуучулуктун театры десем тагыраак болот. Анда дагы репертуар түзүлүп, спектаклдер коюлат. Дүйнөдө биздин театр сыяктуу элдин өзөгүн кармаган болгону эки улуттук театр бар. Бири Пекиндеги “Кытай опера театры” болсо, экинчиси япондордун “Но Кабуки” театры. Үчүнчүсү биздин “Манас” улуттук театры болуп калат. Дүйнөлүк деңгээлде өнөрдү сактап, жайылтуучулардын катарында болуш биз үчүн чоң сыймык.

АЙМАКТАРГА АРНАЛГАН АРАКЕТТЕР

Театрдын бир жылдык бюджети кырк тогуз миллион сомго жакындап барат. Андан башка кошумча каражат каралган эмес. Атайын эсеп ачуунун үстүндө аракеттер жүрүп жатат. Ошонун натыйжасында өзүбүздү өзүбүз каржылап, өнүгүп кетээрибизге ишенем. Бүгүнкү күндө республикабыздын жети дубанындагы бардык өнөрпоз таланттар, айтуучулук өнөрдү карманып жүргөндөрдүн бири да калбай биздин катарыбызды толуктады. 0,25, 0,5, жана толук бир ставка менен 83 штаттык бирдикке 120дан ашуун таланттар киришти. Эми аймактардан отчётторун кантип алыштын жолун издеп жатабыз. Демек, аймактарга филиал болбосо да кичирээк бөлүмчөлөрдү ачуу маселеси жаралып тургандай. Ал эми “Калыптанган он күндүк” аттуу иш-планыбызга кызыккан өнөрлүү жарандарга өтүлгөн теориялык жана практикалык сабактар кирет. Ар бир айдын онунда сабактар гана өтүлбөстөн жыйынтыктар чыгарылып турат.

ИШЕНИЧТИ АКТАЙ ТУРГАН КҮН АЛИ АЛДЫДА

Театрдын ачылышы акыркы учурда чанда боло турган жакшы саамалыктардын катарын толуктады. Бул бизге мамлекет тарабынан берилген ишеним. Президент баш болуп ишенип тапшырган кызматты акташыбыз керек. Ал үчүн изденүү жолундабыз. Буюрса күзүндө театрдык сезонду ачуунун үстүндө пландар түзүлүп жатат. Ачылышка карата коюлуучу спектаклдин концепциясын жазып жатабыз. Андан тышкары, алдыдагы чоң программаларыбызга Кыргыз Республикасынын Өзбекстанда, Казакстанда өтүүчү маданият күндөрүнө барып, өнөр тартуулап келүү иш-чаралары кирет. Ал эми күзүндө Түркияда өтө турган төртүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюнуна катышууга да мыкты өнөрпоздордун концерттик номерлерин даярдап жатабыз. Жалпы элдин жарпын жазып жүргөн манасчы, дастанчы, төкмө акын аттуунун бардыгы эл аралык деңгээлде өз өнөрлөрүн тартуулаганга мүмкүнчүлүк түзүлүп турат.

КАСИЕТ

Таластын Кең-Аралынын Алакчын уруусунан болом. Жашым 26 да. Бир кыз, бир уулдун атасымын. Жаштайымдан манасчылыкка дитимди коюп, чыгармачылык өнөрканамда ага тиешелүү түш, туюм, сезимге салынган учурлар болду. Ал нерселер ошол дүйнөнүн өкүлү, манасчыга гана тиешелүү касиеттер деп билем. Касиеттүү Шаабай, Кааба өңдүү залкарлардын батасын алып, үлгүсүн аздектеп жүргөн манасчы Камил Мамадалиевди ээрчип жүрүп көп нерсени үйрөндүм. Ошондон бери устаттшакирттик улуу, салттуу жолдо келе жатабыз. Төрт бир туугандын улуусумун. Бир тууган иним жаш болсо да эл оозуна алынып калган төкмө акын- Арген Биймырза уулу. Балким бизге ата-тегибиздеги касиет себепкердир. Анткени, жотобуз Абылай Таластагы аттуу-баштуу саруу менен кушчуга төбөсү көрүнгөн, кадырлуу адам болгон. Бабам Кушубак Талас өрөөнү боюнча таанымал мүнүшкөр, бубам Шабдан жамактатып ырдаган, ашкере чечен болуптур. Балким ошол ата-бабадан келе жаткан салттуу өнөр кан кууп келе жаткандыр деген да ойлор айтылып келет.

Разия ЖООШБАЕВА

МУЗЕЙЛЕР – ТАРЫХТЫ ЭСТЕТИП, ТАРБИЯЛАЙТ

Музейлердин эл аралык Кеңешинин Ассамблеясы тарабынан 1977-жылы 18-май Музейлердин эл аралык күнү деп расмий кабыл алынган. Дүйнө коомчулугу менен катар Кыргызстан 2010-жылдан баштап бул майрамды белгилеп келет. Борборубуздагы М.В.Фрунзенин үй-музейинде да жыл сайын бул күндүн урматына “Музейдеги түн” акциялары, театралдык оюн-зоок иш-чаралар өткөрүлүп турат. Жакында аталган үй-музейде Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин жүз жылдык мааракесинде арналган “Эрдиги кылымдар бою жашайт” деп аталган иш-чара болуп өттү. Ага борборубуздагы Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлери, Кураддуу күчтөрдүн, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү жана ооруктун ардагерлер кеңеши катышты. Чоң-Арык муниципалдык тарых музейи менен биргеликте уюштурулган бул иш-чарада борборубуздагы №58 мектептин окуучулары тарабынан даярдалган театралдаштырылган оюн-зоок программалар тартууланды. Иш-чаранын уюштуруучуларынын бири, М.В.Фрунзе атындагы үй-музейинин илимий жетектөөчү адиси Гулира Нурбаеванын айтымында Ч.Түлөбердиевдин эрдигин эскерүү – келечек муунду мекенчилдикке, эрктүүлүккө тарбиялоонун даяр ыкмасы. Музейдеги сакталып турган эстелик, буюм-тайымдар байыркы тарыхтан кабар берип турат. Ошол калыбында сакталып турганда гана анын баалуулугу артып, көргөзмө-тарбиялоочу милдетти кошо аткарат.

Разия ЖООШБАЕВА

АТА-ЭНЕЛЕР ДА ОКУШАТ

Ушул жылдын 1-октябрынан тарта өлкөдө "Ата-энелер мектеби" пилоттук программасы ишке киргизилет. Билим берүү жана илим министрлиги бул программаны ишке ашыруу үчүн ар бир район, шаардан пилоттук негизде бала бакча жана мектептер тандалып алына тургандыгын билдирди. Долбоордун максаты – ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү.

КИРЕШЕ КӨБӨЙДҮ

Кыргыз Республикасынын калкынын номиналдык акчалай кирешеси 2021-жылы 541,8 млрд сомду түзгөнүн Улуттук статистикалык комитет билдирди. Бул өткөн жылга салыштырмалуу 19,9 пайызга көп.

МУКТАЖДЫК БАР

Бүгүнкү күндө Кыргызстан IT-адистерине, айыл чарба, курулуш, медицина тармагындагы кызматкерлерге жана мугалимдерге муктаж. Бул тууралуу Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин изилдөөсүндө белгилүү болду.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

2017-ЖЫЛДЫН 6-ИЮНУНДА АСТАНА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН УНИВЕРСИТЕТИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АНЫН ИШТӨӨСҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. 2017-жылдын 6-июнунда Астана шаарында кол коюлган Шанхай кызматташтык уюмунун университетин түзүү жана анын иштөөсү жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аталган Макулдашууну ишке ашыруу үчүн жооптуу ыйгарым укуктуу орган болуп аныкталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Шанхай кызматташтык уюмунун катчылыгына аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 30-апрели, №243

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ТАРАБЫНАН «ИЛИМ» БӨЛҮМҮ БОЮНЧА КАРЖЫЛАНУУЧУ ИЛИМ ЖАНА ИЛИМИЙ ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлерине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү жана алардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөрдүн кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналуучу минималдуу базалык ставка 7040 сом өлчөмүндө белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлеринин;

3) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин;

4) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген техникалык тейлөө персоналынын;

5) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген кенже тейлөө персоналынын.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлеринин, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген техникалык тейлөө персоналы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген кенже тейлөө персоналы үчүн кызматтык маянасы минималдуу базалык ставканы кызмат орду боюнча эселөө коэффициентине көбөйтүү жолу менен эсептелет.

3. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга карата эселөө коэффициенттери 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга карата эселөө коэффициенттери 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына карата эселөө коэффициенттери 3-тиркемеге ылайык;

4) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген техникалык тейлөө персоналынын кызматтык маяналарынын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга карата эселөө коэффициенттери 4-тиркемеге ылайык;

5) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген кенже тейлөө персоналынын кызматтык маяналарынын өлчөмүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга карата эселөө коэффициенттери 5-тиркемеге ылайык;

6) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына карата иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акылардын өлчөмдөрү 6-тиркемеге ылайык;

7) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелеринин кызматкерлеринин жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин кызматтык маяналарына карата иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акылардын өлчөмдөрү 7-тиркемеге ылайык;

8) Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан «Илим» бөлүмү боюнча каржылануучу илим жана илимий тейлөө системасында иштеген техникалык тейлөө персоналынын кызматтык маяналарына карата иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк акылардын өлчөмдөрү 8-тиркемеге ылайык.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президиумунун борбордук аппаратынын кызматкерлерине төмөнкүлөр төлөнөт деп белгиленсин:

1) календардык жылдын аягында орточо айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акы;

2) өргүүгө чыгууда эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө ден соолукту чыңдоого жөлөкпул.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

1) 2022-жылга республикалык бюджетте илим системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын көбөйтүүгө кошумча ассигнованиелерди карасын;

2) «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

7. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы №432 «Кыргыз Республикасынын илим жана илимий тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөнүн жаңы системасын киргизүү жөнүндө» токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 23-апрелиндеги №192 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн илим жана илимий тейлөө жаатындагы айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыялануунга тийиш жана 2022-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 30-апрели, №244

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ «ТҮНДҮК» МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын, электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү ишке киргизүүнү талаптагыдай жана натыйжалуу техникалык координациялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасын санариптештирүү чөйрөсүндө стратегиялык маанилүү техникалык милдеттерди аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17 жана 26-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Түндүк» мамлекеттик мекемеси (мындан ары - Мекеме) түзүлсүн.

2. Мекеме жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Мекеме электрондук башкаруу инфратүзүмүнүн төмөнкү элементтеринин оператору болуп аныкталсын:

- «Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы;
- Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы;
- Электрондук билдирүүлөр мамлекеттик системасы;
- Бирдиктүү идентификациялоо системасы;
- Электрондук башкаруу инфратүзүмүнүн реестри;
- Базалык маалыматтык ресурстардын реестри.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги №197 «Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун экинчи абзацындагы «23^8» деген цифралар «23^9» деген цифралар менен алмаштырылсын;

2) ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда 23^9-тиркеме менен толукталсын.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 7-октябрындагы №525 «Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын пайдалануу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункттагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасына» деген сөздөр «Түндүк» мамлекеттик мекемесине» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы №745 «Электрондук билдирүүлөр мамлекеттик системасы жана аны пайдалануу эрежелери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункттагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасы» деген сөздөр «Түндүк» мамлекеттик мекемеси» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 31-декабрындагы №748 «Кыргыз Республикасында электрондук башкарууну ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

-1^1-пункттагы «Инфоком» мамлекеттик ишканасы» деген сөздөр «Түндүк» мамлекеттик мекемеси» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

8. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июнундагы №17 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

4-пункттун 4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

9. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 «Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Санариптик өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын уставында:

- 8-пункттун 2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;
- 9-пункттун 5, 6 жана 8-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;
- 10-пунктта:

1-пунктчанын төртүнчү, бешинчи, алтынчы, жетинчи, сегизинчи жана он экинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

- 11-пункттун 3 жана 20-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын.

10. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасы Мекеменин балансына төмөнкүлөрдү өткөрүп берсин:

- электрондук башкаруу инфратүзүмүнүн элементтерин («Түндүк» электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын, Бирдиктүү идентификациялоо системасын, Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталын, Электрондук билдирүүлөр мамлекеттик системасын, Улуттук мониторинг системасын, Электрондук башкаруу инфратүзүмүнүн реестрин, Базалык маалыматтык ресурстардын реестрин);
- Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине караштуу «Түндүк» мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруунун натыйжасында мурда алынган жабдууларды жана негизги каражаттарды.

11.Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу «Инфоком» мамлекеттик ишканасы жабдууларды жана негизги каражаттарды Мекеменин балансына өткөрүп берүүсү. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 288-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык кошумча нарк салыгын төлөөдөн бошотулган берүү болуп саналары белгиленсин.

12. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги:

- «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү белгиленген тартипте карасын;
- маалыматтык системалардын иштешин жана Мекеменин ишин камсыздоо үчүн Мекеме тарабынан берилген өлчөмдөгү финансы каражаттарын жыл сайын республикалык бюджетте карасын.

13. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы Мекемени туруктуу жайгаштыруу үчүн жалпы аянты 421 кв.м болгон, Бишкек шаары, Токтоналиев көчөсү, 96 дарегинде жайгашкан жайга Мекемени жайгаштырсын.

14. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги түзүлгөн Мекемени юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрсүн жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

15. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

16. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 30-апрели, №245

Кутман курак – 70

АЙЫЛДА ТУРУП ИЛИМ ЖАКТАГАН ОКУМУШТУУ

Бекмамат Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окутуучусу, Физика-математика илимдеринин доктору, профессор Курманбек Алыбаев 1952-жылы Аксы районундагы Кызыл-Туу айылында туулган. Атасы Алыбаев Сарман Таш-Көмүр шаарындагы жүк ташуучу автобазада айдоочу, ал эми апасы Айсынай үй кызматында болуп, 8 уул-кызга таалим-тарбия беришкен. Курманбек өзү дээринен эле мектепте мыкты окуп, сабактарын жакшы өздөштүрүп, мектепти жалаң "5" деген баалар менен аяктаган. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун Физика-математика факультетинин "Математика" адистигине тапшырып, аны 1974-жылы артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Эмгек жолун өзү окуган Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин "Математикалык анализ" кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен баштаган.

АРМИЯДАН КИЙИН ОКУУСУН УЛАНТКАН

Ал билим алган Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда аскердик кафедра болбогондуктан институтта мугалим болуп иштеп жаткан жеринен Советтик Армиянын катарына чакыртылып, Грозный шаарында 1 жыл аскердик кызматын өтөөгө туура келген.

Армияда кызмат кылып келген соң, билимин тереңдетүү максатында 1977-1980-жылдары СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасында "Дифференциалдык теңдемелер" адистиги боюнча окуган.

ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИ СОЮЗГА БЕЛГИЛҮҮ

Курманбек Алыбаевдин аспирантурада окуп жүргөн мезгилинде 8ден ашуун илимий макалалары союздук басылмаларда (альманахтарда, илимий журналдарда) жарык көрүп, 2 жолу бүткүл союздук, бир жолу эл аралык (1977-жылы) Казакстандын борбору Алма-Ата жана 1979-жылы Новосибирск, 1980-жылы Фрунзе шаарларындагы илимий конференцияларында докладдарды жасаган. Аспирантураны аяктаган соң ал өзү билим алган Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун "Математикалык анализ" кафедрасында иштеп, илимий иштерин уланткан.

АЙЫЛДА ЖАШАП ИЛИМ ЖАКТАГАН

Турмуш шартына байланыштуу Курманбек Алыбаев 1981-1996-жылдары Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Үч-Коргон айылындагы А.С.Пушкин атындагы орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, кийин ошол эле айылдагы Кызыл-Жар орто мектебинде директор болуп иштеп, айылдык кеңешке үч жолу депутат болуп шайланып, эл ишенимине ээ болгон. Бир эле мезгилде ал аспирантурага тапшырып, билимин уланткан. Мектепте директор болуп иштөө менен эле чектелбестен математикага шыктуу балдарды чогултуп, аларга математиканы тереңдетип окута баштайт.

1994-жылы Курманбек Алыбаев Кыргыз илимдер академиясына караштуу физика-математика институтунун алдындагы адистештирилген кеңеште кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ошентип ал айылдагы мектептен чыккан алгачкы физика-математика илимдеринин кандидаты болгон.

1996-жылы июнда Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректоратынын чакыруусу боюнча аталган окуу жайынын "Жогорку математика" кафедрасына доценттик кызматка кабыл алынган. Окуу жайдын сырттан окуу бөлүмүн жетектеп, факультеттин деканы болуп иштеген. Ошол мезгилде Жалал-Абад университетинин ректорунун орду бошоп, ректорлорго коюлган талаптар боюнча профессор Курманбек Сарманович Алыбаевдин кандидатурасы туура келет. Ошентип ал убактылуу ректор болуп бекитилген. 1999-жылдан 2000-жылга чейин ЖАМУнун ректорунун убактылуу милдетин аткарат. Курманбек Алыбаевдин Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору болуп иштөөсүн Билим берүү жана илим министрлиги да колдогон. Ректор болуп иштеген жылдары окуу жайдын, айрыкча илимий жагынан өнүгүшүнө өзүнүн зор салымын кошкон. Ошондой эле ал мыкты окуган келечектен бир нерсени үмүттөндүргөн студенттердин окуусуна, турмуш шарттарына айрыкча көңүл бурган. Ал ректор болуп иштеп турганда университеттин алдындагы колледждерди уюштурган. Алсак, университеттин алдында жана Аксы районундагы Кербен шаарына колледжди уюштуруп, жаштардын терең билим алуусуна жакшы шарттарды түзүп берген.

ОКУУ ЖАЙДАГЫ "ИНТРИГАНЫН" АЙЫНАН АРЫЗ ЖАЗГАН

Жалал-Абад мамлекеттик университетине ректор болууну самагандардын саны бир топ эле болгон. Ал тургай Бишкек шаарынан да айрым окумуштуулар ректор болуу үчүн Ак үйдөн тааныш издешкен. Айрым билими тайкы "ич күйдүлөр" "жумурткадан кыр издешип", убактылуу дайындалган ректордун артынан окуу жайдын ичинде ар кандай "интригаларды" уюштурушуп, Курманбек Алыбаевди кызматтан алып түшүрүүгө аракет кылышат. Анын үстүнөн Билим берүү жана илим министрлигине уламдан-улам ар кандай терс мазмундагы каттарды жазууну уюштурушуп, Ак үйгө чейин жазышат. Аны кызматтан кетирүү боюнча университетте ар кандай кландык топтор түзүлүп, ректор болгусу келгендер анын иштешине каршы турушкан. Мындай уюштурулган терс аракеттерди байкаган Курманбек Алыбаев бир топ уюшкан аттуу-баштуу адамдардын жасаган иштерин көрүп, "трайбалисттер" менен иштеше албай тургандыгын түшүнгөндөн кийин Билим берүү жана илим министрлигине келип, өз каалоосу менен арыз жазып, "Мен илимге баш койгон адаммын, мага ректорлук кызматтын кереги жок. Ошондуктан мени ректорлук кызматтан бошотуп коюңузду өтүнөм. Ректорлукту ошол талашкан "интрига" уюштургандарга берип койгула. Мен илимдин адамымын, ректорлук илимий иштериме тоскоолдук кылып жатат. Мындай билими тайкы адамдар менен иштешкенден көрө студенттерге билим бергеним пайдалуураак, мен ыраазымын" деп арыз жазып, кызмат ордун бошотуп берген. Ал илим изилдөө ишине киришип, 2001-жылдын декабрь айында Кыргыз улуттук академиясынын физика-математика институтунда академик М.И.Иманалиевдин жетекчилигинде докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон.

"Көздүү мончок жерде калбайт" дегендей, Курманбек Алыбаев ректорлуктан бошогондон кийин аны башка окуу жайлары да келип иштеп берүүсүн өтүнөт. Бир аз интригадан алыстоо максатында ал дароо эле 2003-2005-окуу жылында Ош технологиялык университетине чакыртылып, экономика жана сырткы байланыштар боюнча проректору болуп иштеген. 2006-жылдан баштап кайрадан өзү иштеген ЖАМУга чакыртылып, окуу иштери боюнча проректор болуп дайындалган.

Бир эле мезгилде Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын теориялык жана колдонмо математика институтунун алдындагы докторлук жана ОшМУдагы кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча адистештирилген кеңештин мүчөсү болгон.

Илимий жактан дүйнөлүк тажрыйба алмашуу максатында Италиянын Пиза, Бельгиянын Гент университеттерине эки жолу (2006-2007-ж.ж.) барып билимин тереңдетип келген.

"ПЛАГИАТКА" КАРШЫ ӨТӨ КАТУУ КҮРӨШКӨН

Окумуштуу Курманбек Алыбаев өзү айткандай математика илимине өтө өжөрлүк керек болчу. Математика илими - өзгөчө илим. Башка гуманитардык илимдер сыяктуу кайсы бир булактардан, ар кайсы бир тарых барактарынан, китептеринен сүйлөмдөрдү, фразаларды чогултуп, ар кимдин эмгегинен таап кураштырып көчүрүп (плагиат) алуучу илим эмес. Ректор болуп иштеп турганда "плагиатка" каршы катуу күрөшкөн. Математика илими так илим, так эсеп. Бир сандан жаңылсаң анда бүткүл эмгегиң, өмүрүң текке кетет. Жасаган ишиң бир тыйынга татыбайт. Ошондуктан бир сандан жаңылуу илимге, турмушка өтө оор залакасын тийгизээрин билген Курманбек Алыбаев өз илимин дагы тереңдетип изилдеп, андан ары өнүктүрүп олтуруп, математика илимдери боюнча бир нече илимий популярдуу эмгектерди жазган. Анын илимий жетекчиси, илимдин доктору М.Иманалиев да ректорлук кызматын тапшырууну туура көргөн. Анткени, кызмат анын илимине терс таасирин тийгизээрин, илимдин аркасынан түшкөн адам күн сайын билимин тереңдетип турары жөнүндө көп эскерткен.

УБАКЫТ ТАР, БИЛГЕНГЕ...

Курманбек Алыбаев ЖАМУдагы бардык кызматтарын тапшырып, эми өзүнүн аспиранттары менен илимий иштерге көбүрөөк көңүл бөлө баштады. Антпесе коомдук иштер менен жүргөн кишинин убактысы жетишпей калат экен. Ошентип К.Алыбаев болгон мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, келечектеги жаш илимпоздор менен иштеп жатат. Ансыз деле убактысы тар болуп, өзүнүн аспиранттары менен баарлашууга да убакыт таппай калган күндөрү көп болот. Анткени, ар бир студент, аспирант менен көбүрөөк олтуруп, алардын жазган иштерине көңүл буруу керек эле. Эми ошондой мезгил келди. Антпесе азыркы турмуштун кыйынчылык мезгилинде аспиранттар да илимге көңүл бурбай таштап кетип калганы да болду. Замандын кыйынчылыгы, өткөөл мезгил мугалимдерге оор түйшүктөрдү алып келген.

Жалпысынан алганда К.Алыбаевдин аспиранттары ондоп саналат. Алардын иштерине жазган илимий эмгектерине жетекчилик кылып, аларга багыт берип келет. Азыркы күндө математика илимине кызыккандар жокко эсе, мунун баары турмуштун оор шартынын айынан болгону баарыбызга белгилүү. Буга негизги себеп – мугалимдердин айлыгынын аздыгы. Анын айынан илимий ишин жактабай таштап кетип жатышкан келечектен көптү үмүттөндүргөн жаштар да аз эмес. Ал өз аспиранттарына дайыма турмуш оор болорун, бир нерсени ойлоп табуу, илимге салым киргизүү андан да оор экендигин, ким ошол кыйынчылыкты жеңсе ал дайыма ийгиликке жетишерин окуучуларына айтып келет. К. Алыбаев 1 илимдин докторун, 4 илимдин кандидатын даярдап чыгарган.

БИР ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ЭКИ ИЛИМПОЗ

Кошумчалап айта кетчү нерсе, илимдин аркасынан түшүшүнө өзүнүн өмүрлүк жолдошу Жылдыз Аванова себепчи болду десек болот. Жылдыз Аванова менен бир группада, бир курста чогуу окуп, бириненбири кем калбаган, сабакты мыкты окуган алдыңкы студенттерден эле. Бирге сабакка даярданышып, китепканада болушуп, акыры анын аягы сүйүүгө айланып, баш кошушуп, бир үй-бүлө курушкан. Экөөсү тең илим жактап, бири педагогика илимдеринин кандидаты болсо, экинчиси өз адистиги боюнча физика-математика илимдеринин доктору болушту. Жылдыз Аванова Курманбек Алыбаеге "Бир үйдөн бир эле математик чыгыш керек" деп тамашалап калчу. Жылдыз Аванованын кесиби да математика адистиги боюнча мугалим. Жылдыз эже аспирантурда окуп, илимдин кандидаттык илимий даражасына ээ болгон. Эми буюрса ал педагогика илимдери боюнча докторлук диссертациясын жактаганы турат. Ал кыргызга белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Исак Бекбоевдин окуучусу.

Алар студент мезгилинде эле үй-бүлө курушуп, 3 уулду тарбиялап өстүрүшкөн. Тун уулу Асылбек экономист, экинчи уулу Алмаз юрист, КРнын миграция департаментинде жетекчинин орун басары. Ал эми эң кенже уулу Нурманбет энергетик болуп иштеп жатат. Баары үй-бүлөлүү. Бактылуу ата-энелер.

Курманбек Алыбаев өмүрлүк жубайы Жылдыз Аванова менен биргеликте математика сабагы боюнча мугалимдер жана окуучулар үчүн алгачкы колдонмо окуу куралын 2005-жылы чыгарса, 2012-жылы толукталган усулдук китеби жарык көрүп, окуучуларга жана мугалимдерге математика сабагын окутууда усулдук курал катары колдонулуп келе жатат.

БААЛАНБАГАН ЭМГЕК

Физика-математика илимдеринин доктору, профессор Курманбек Алыбаев алгачкы жолу 1984-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы, 1987-жылы СССРдин "Эл агартуусунун отличниги", 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бир нече жолу ЖАМУнун жамааты тарабынан жогорку сыйлыктарга көрсөтүлүп сунуш кылынган. Бирок, кийинки баш аламан мезгилдерде анын эмгеги да тийиштүү комиссиялар тарабынан бааланбай келет. Эртедир-кечтир анын эмгеги бааланат деген ойдобуз.

Азыркы күндө Курманбек Алыбаев Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин мүчөсү, ЖАМУнун илимий-техникалык кеңешинин төрагасы, ОшМУдагы адистиктер боюнча кандидаттык диссертациялар корголуучу адистештирилген кеңештин төрагасы болуп иштеп, студенттерге билим берип, математика адистиги боюнча мугалимдерге, ошондой эле илимге кызыккан жаш окумуштууларга өзүнүн билим тажрыйбасын үйрөтүп, үзүрлүү иштеп жатат.

Орункул САТЫКУЛОВ

ВУЗ, ВОСТРЕБОВАННЫЙ ВРЕМЕНЕМ

ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКИЙ ВЫЗОВ ПЕРВОГО СОЦИАЛЬНОГО ВУЗА СТРАНЫ

Академия бизнеса и социального развития (АБиСР) – первое государственное социально-ориентированное высшее учебное заведение в Кыргызстане, запустившее образовательные программы в сфере социальной работы. История вуза начинается с 1992 года с образованием Республиканского центра по подготовке и повышению квалификации предпринимателей (далее - РЦПП) при Министерстве труда и социальной защиты Кыргызской Республики на основании постановления Правительства Кыргызской Республики №454 от 15.09.1992 г. С 1993 года РЦПП начал реализовывать программы высшего профессионального образования. В 2003 году постановлением ПКР №119 от 11 марта 2003 года в форме преобразования РЦПП был создан Институт социального развития и предпринимательства (ИСРиП) с целью создания единой системы многоуровневой подготовки высококвалифицированных специалистов, управленческих и научно-педагогических кадров для органов труда и социальной защиты.

ИСРиП, как современная модель образовательного учреждения, стоит у истоков вузов, которые развиваются на условиях хозрасчета и самофинансирования и таким образом реализовывает программы высшего образования почти 30 лет.

В 2012 году в результате преобразования Центра переподготовки и повышения квалификации кадров института был создан Социально-экономический колледж ИСРиП.

С 20 апреля 2021 года Институт социального развития и предпринимательства был переименован в Академию бизнеса и социального развития.

За период своего существования вузом подготовлено более 5000 специалистов с высшим и более 1000 специалистов со средним профессиональным образованием, а также по ходатайству вуза более 30 аспирантов и соискателей защитили кандидатские и докторские диссертации. Учебный процесс академии обеспечивает профессорско-преподавательский состав кафедр: Экономики и Менеджмента, Социальной работы, Государственного и муниципального управления, Бизнес информатики и общеобразовательных дисциплин, качественный состав которых составляет 48%. Большая заслуга в становлении вуза и его формировании принадлежит первому ректору ИСРиП Табышеву Рыскелди, к.ф.-м.н., профессору, Заслуженному работнику образования Кыргызской Республики.

В Академии идет подготовка магистров по направлениям: «Экономика», «Менеджмент», бакалавров по направлениям: «Социальная работа», «Бизнес информатика», «Экономика», «Менеджмент», Государственное и муниципальное управление», специалистов со средним профессиональным образованием по специальностям: «Экономика и бухгалтерский учет», «Финансы», «Менеджмент», «Социальная педагогика», «Прикладная информатика», «Право и организация социального обеспечения».

Все нормативно-правовые документы Академии соответствуют требованиям для ведения образовательной деятельности. 3-4 марта текущего года Академия успешно прошла программную аккредитацию по всем направлениям бакалавра в Агентстве по аккредитации образовательных программ и организаций и получила Сертификат на период до 2027 года.

Академия обеспечивает своим студентам и магистрантам все условия для эффективной учебы и отдыха. В вузе предусмотрены учебные помещения как для потоковых лекций, так и для индивидуальных занятий и проведения онлайн занятий. В данное время академия направляет все свои усилия на то, чтобы стать фабрикой нового знания, центром инновационных процессов и формирования непрерывного предпринимательского образования.

В настоящее время в Кыргызстане сфера предпринимательского образования пока находится на разных стадиях. Обучение предпринимательству реализуется в основном в системе дополнительного образования. Для развития экономики и обеспечения социальной стабильности необходимо наращивать кадровый потенциал малого и среднего предпринимательства. В современных условиях назрела необходимость формирования в вузах целостной системы непрерывного предпринимательского образования, которая могла бы включать в себя все уровни образования. Вузы, реализующие программы бизнес-образования, могли бы сыграть в этом системообразующую роль, вступая в качестве организационных и методических центров при создании такой системы. Формирование системы непрерывного предпринимательского образования возможно в том случае, когда все студенты, независимо от профиля их подготовки, будут иметь возможность при желании овладевать предпринимательскими компетенциями во время обучения в вузе. Для того чтобы малый и средний бизнес активно и эффективно развивался в условиях инновационной экономики, предпринимательству надо учить не только взрослых, но и, в первую очередь, молодежь – будущих предпринимателей.

Для того, чтобы вузы стали двигателями инновационного процесса в настоящее время в Кыргызстане идет процесс трансформации вузовской системы в современные модели развития: «Университет 3.0», «Университет 4.0». Данный процесс предполагает, чтобы с одной стороны вузы давали знания, образование, а с другой — проводили эффективные качественные исследования и порождали инновации для реального вклада в развитие определенного сектора экономики. Это – миссия современного вуза – вуза для общества. Возможности ее реализации в каждом конкретном вузе обеспечивает его успех и конкурентоспособность.

Миссией Академии бизнеса и социального развития является: Развитие социально-ориентированного вуза по подготовке высококвалифицированных, конкурентоспособных кадров социально-экономической сферы путем предоставления образовательных услуг на основе интеграции образования, науки и бизнеса. Сегодня академия оказывается все более вовлеченной в исследования и подготовку (переподготовку) кадров, так и непосредственно через широкий спектр волонтерской, благотворительной, социально-культурной деятельности. Выполняя образовательные, научные, исследовательские функции, академия делает упор на качество образования и параллельно направляет свою деятельность на предоставление помощи и возможностей по развитию бизнес-инкубаторов, малых фирм. То есть академия намерена готовить предпринимателей, которые сами будут создавать рабочие места, выводить на рынок новые продукты, производство которых будет обеспечивать занятость населения. Таким образом вуз постепенно станет центром инновационного экономического и социального развития страны и докажет свою способность в осуществлении полного цикла: в виде обеспечения подготовки кадров и их трудоустройства с последующим дополнительным образованием и активным вовлечением в решение социальных проблем.

Гульдана ОСМОНКУЛОВА,
Ректор Академии бизнеса и социального развития

Сведение о ректоре Академии бизнеса и социального развития Осмонкулова Гульдане Орошбековне:
Она является доктором экономических наук, профессор, выпускница экономического факультета Московского государственного университета им. М.В.Ломоносова по специальности «Политическая экономия». Отличник образования Кыргызской Республики. Автор более 120 научных трудов, в том числе 4 монографий, 9 учебно-методических пособий. Подготовила 2 кандидата экономических наук. Проходила стажировки в вузах Дальнего и Ближнего зарубежья, выступала с открытыми лекциями в вузах Европы, Южной Кореи, России, Казахстана.

Жан дүйнө

“АРЧА ТҮБҮНДӨГҮ АЙДЫҢ КЕЧ”

Бишкек шаарындагы Т.Эрматов атындагы музыкалык педагогикалык колледжинин чоң жыйындар залында Педагогика илимдеринин доктору, профессор, публицист, адабиятчы жана жазуучу Абдыкерим Муратовдун “Арча түбүндөгү айдың кеч”, “Ата конуш”, “Ак булут, аппак булут”, “Шегемдик кыз”, “Биографиялык жана библиографиялык маалыматтар” аттуу беш түрдүү китебинин бет ачар аземи болуп өттү. Мына ушул эмгекчил, өмүрү өрнөк болчу инсандын адабият менен жуурулушуп жашап келе жаткан өмүр жолундагы ирмемдер...

ЖОМОК ДҮЙНӨЛҮҮ БАЛАЛЫК

Абдыкерим агайдын балалыгы Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Шанкол айылынын Котур-Булак маалесинде өткөн. 1956-жылдын 17-майында болочоктогу илимпоз, жазуучу жарык дүйнөгө келген. Атасы Жаркынбай менен апасы Ибадат кадимки эмгекке бышкан, жөнөкөй, эл ичиндеги адамдар. “Ал кезде элдин адабиятка болгон мамилеси такыр башкача эле”дейт жазуучу, “60-жылдарга чейин калктын калың катмары жалпы эле баатырдык эпостордун духунда жашаган. Тамга таанып, китепти шыр окуп калган тестиерлерге улуу “Манас” эпосунан баштап “Курманбек”, “Эр Төштүк” сыяктуу кенже эпосторго чейин үнүн бийик чыгартып, кыраатын келтире окутуп угуу ар бир үйдөгү чоң кишилердин көнүмүш адаты эле”. Жайдын мелүүн кечтеринде же кыштын узун түндөрүндө үйдөгү чоң ата, чоң энесине далай дастандарды, К.Жантөшевдин айтылуу “Каныбегин” окуп берип олтуруп бала өзүн унутуп жомоктор дүйнөсүнө, өзү окуган каармандарга, андагы окуяларга аралашып кетчү ушундай сааттарда... Ага китеп окутуп, ырахаттана угушкан чоңдор өздөрү да байкабай ошондо эле береги балакайдын арзуусун сөз өнөрүнүн көркөм дүйнөсүнө азгырып, шыгын ойготуп алышты.

АКСАКАЛДАРДЫН АК БАТАСЫ

Бармактайынан аң-сезимин элдик эпостор ээлеп эс тартып келе жаткан өспүрүмдүн колуна кайсы бир күнү “Жаштык сапары” аттуу китеп тийди. Эскирген, мукабасы айрылган бул китепти барактап көрсө жалаң ошол кездеги жаш калемгерлердин чыгармалары, алардын өздөрү тууралуу жазылган китеп тура. Баарынан да баланы таасирленткен нерсе, өзүнүн эле айылдашы Мырзаш Ашырбеков аттуу жигиттин да чыгармалары жүрөт! Мына ушул китепти окуп чыккан соң жаш уланда “мен да ушинтип жазуучу болсом болот экен го” деген ички бир ишеним пайда болду. Ошентип 7-класс кезинде эң алгачкы “Дүрбөдөй койлор” аттуу аңгемесин жазып, “Ленинчил жаш” гезитине почтадан салып жиберип, көп узабай редакциядан “Сиздин чыгармаңызды гезитибизге пайдалана албай калганыбыз үчүн кечирим сурайбыз” деген тариздеги кат алды. Балалык дүйнөсү менен бир эсе уялып, бирок эч кимге эч нерсе айтпай ичтен тынып тим болот. Бирок бир нече күн өтүп-өтпөй айылга жагымдуу жаңылык дүң эте түштү, көрсө баланын жазган “Дүрбөдөй койлор” аңгемеси радио уктуруудан берилиптир! Айылдын карыялары нарктуулугунан жазбай чогулуп келишип баланы алгачкы ийгилиги менен алкап, “жакшы жазат экенсиң, балам” деп ак баталарын беришти. Баланын жылдызы жана түштү.

ЖАШТЫК ЖИГЕР

Ошол 67-68-жылдарда жазуучулардын кадыр-баркы артып, ага кошул-ташыл Ч.Айтматовдун “Жамийла” повести жазылып, даңазасы таш жарып турган кез. Көркөм сөздүн күч-кудурети менен керек болсо бүт дүйнөгө таасир этсе боло тургандыгына көзү жетип, адабият дүйнөсүнө биротоло кирүүгө белсенген жаш жигит Ош шаарына келип, Педагогика институтунун кыргыз филология факультетине тапшырып окуп калды. Студенттик доор адабият менен эриш-аркак башталды. Дал ошол мезгилдерде билим алуу менен катар эле өзүнүн дээрин, шыгын жана жана билимдерин пайдаланып китептерге рецензия жазып, сындап, талдоого киришти. Ал кезде түштүк регионунан “Кыргызстан маданияты” гезитине макала жазган мугалимдер сейрек эле. Ушундай шартта Абдыкерим Муратовдун мыкты, ары жүйөлүү жазылган макалалары аны тез эле адабият жана педагогика чөйрөсүнө таанытты. “...Ошол жерде региондордо туруп алып “Кыргызстан маданияты” гезитине адабият боюнча пикирлерди, майда сын-макалаларды жазып, чоң-чоң жазуучуларды сындап жаза берчүбүз ким экенин билбей, көрсө аларга борбордун өзүндө сыйлап, аяр мамиле кылышат экен да. Кийин 1985-жылы Фрунзеге келип, 1987-жылдары “Жаш калем” деген серия менен кичинекей (шапалактай болгон) китебим чыккан. Ал китепке чакан-чакан бир шиңгилден жазылган аңгемелерим кирген. Учурунда анчалык чоң сөз болбосо да менин жазмакерлик ишимдин башталышы катары, биринчи китебим катары өмүрүмдөгү жакшы окуялардын бири болуп калды. Ошентип адабият мени өзүнө тартып кетти. Кийин илимий изилдөөлөрүмдү жүргүзүп, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик педагогика боюнча докторлук диссертациямды жаздым. Ага чейин адабиятты мектепте окутуунун методикасы боюнча кандидаттык диссертация жазгам. Ошентип педагогика тарапка кеттим. Мектептерди кыдырдым. Турмушту көрдүм. Жазуучу болуш үчүн эң негизгиси турмушту көрүш керек да, биз согуштан кийинки муундун мунөзүн, жашоосун, азабын көрүп калдык” дейт окумуштуу, жазуучу.

ЖАН ДҮЙНӨМӨ ЖАКЫНЫ...

Ал эми өзү алектенген адабияттын беш түрлүү багыты – публицистика, илим, педагогика, адабий сын, жазуучулукту эриш-аркак алып келе жатат. “ Ушул чыйырлардын арасынан кайсынысы сизге жакын” деп сураганыбызда агай төмөнкүдөй ой бөлүштү: “... Адабияттын ар түрдүү жактарына аралашып калганым боюнча айтсам, кээде турмуштук зарылдыктан улам келип чыкты го деп ойлойм. Мисалы Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн”романын мектеп программасына киргизип коюшту. Бирок ошол кезде бул чыгарманы окуучуларга окутууда мугалимдер аябай кыйналышты. Анда чыгарманын кыргызчасы чыга элек, орусчасы эле бар болчу. Анан “эмне кылыш керек” деп ойлонуп отурдум да, акыры бир чечимге келип, тез арада Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романын мектептерде окутуу боюнча бир жума бою изденип, методикалык бир китепче даярдап чыктым. Ал кезде адабият теориясы мугалимдерге жакшы жете элек болчу, окутууда мугалимдер кыйналышчу. Ошондуктан адабиятты илим катары изилдөөгө мен мугалимдердин зарылдыгынан улам, муктаждыгынан улам келдим деп ойлойм. Эгер Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунда иштеп, окуу программаларынын түзүүчүсү болбогонумда, илимий чөйрөгө келбейт белем деп ойлойм кээде. Мына ушул адабияттагы ишмердүүлүктөрүмдүн арасынан жан-дүйнөмө эң эле жакыны – чыгармачылыгым. Көркөм туундуну жаратууда, өзгөчө майда аңгемелерди жазууда эргүү алам, эс алам кадимкидей. Соңку жылдарда чакан аңгемелерди жазып, сайттарга жарыялап жатканбыз, мына ошолорду жыйнап “Арча түбүндөгү айдың кеч” деген жыйнак түздүк. Андан сырткары – “Сунулган баш, суурулган кылычтар” жана “Жылдыздар тараган таңда” аттуу эки роман жаздым. Экөө бири-бирине жакын, 20-жылдардагы окуяларды камтыган тарыхый темадагы романдар”.

Абдыкерим агай менен баарлашып олтуруп, анын жазуучулугу, илимпоздугу бир тең да, нарктуулукту, салмактуулукту карманган, сөз өнөрүн аздектей билген улуулук сапаты бир тең экенине ынанасың. Ылайым коомго эмгеги менен күжүрмөн кызмат өтөгөн сиздей инсандарыбыз көп болсун, бар болуңуз агай!

“ШАМАЛ КАЙЫП...”

Бул жарыктын кызыгына канбадым,
буйруп келген жакшылыгын жандадым.
Чыйрыктырат жазгы суктай жанымды,
чыркыраган чындыгым да, жалганым! ***– деп жашоо сааттарын поэзияга арнап келе жаткан акын Атахан Кожогуловдун “Шамал кайып” аттуу ыр жыйнагынын бет ачар аземи өттү. Табылды Муканов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты (1994), Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасынын ээси (2010), КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Атахан Кожогуловдун поэзия кечесине күбө болуп, кыскача маектешип кайттык.***

- Агай, акындын өзгөчө бир учуру – ыр жазып олтурган сааттары же эргип турган абалы кадимки учурлардан эмнеси менен айырмаланып турат? Мына ушул ирмемдерди күтүп анан кагаз, калемди колго кармаш керекпи же...

- Эргүү келет деп кээ бирөө күтүп жүрө берет, менимче аны күтпөш керек. Себеби эргүү келип, кетип да калышы мүмкүн. Аны ыр жазган адам байкабай да калат керек болсо... Сүйүнбай Эралиевдин жакшы бир айтканы бар, “Бүркүт жемин жеш үчүн асманга көтөрүлүп бийик учат, анан качан гана асманга көтөрүлгөндө тээ бийиктен олжосунун кайсы жерде кетип баратканын көрөт” деген. Анын сыңарындай акындар да ак баракты жайып коюп, калемди колуна кармап, арыбери басып ойлонушу керек. Эргүү болсо кээде уктап жатсаң, кээде көчөдө бараткан ар кандай учурларда келет. Ал эми айрым учурларда ыр жазуунун техникасын мыкты өздөштүрүп алган кээ бир акындар сүйбөй туруп сүйдүм деп, сагынбай туруп сагындым деп жазып коюшу мүмкүн, бирок мындай шартта ыр супсак чыгып калат. Ошондуктан акын жүрөгүндөгү нерсени гана жазыш керек, чыгармасына калп айтпаш керек. Негизи чындап тагдыр күткөн акындарда мыкты чыгармалар жаралат. Алсак, бүгүнкү күндө биз зор сыймык менен сөз кылган Алыкул Осмонов, Жолон Мамытов, Турар Кожомбердиев сыяктуу улуу акындардын баарынын өзгөчө тагдыры бар.

- Дал ушул оюңузга улай бир суроо... Негизи акында биринчи талант, шык пайда болобу же өзгөчө бир тагдыр жаралып, андагы эмоция, ички өксүк же жаркын сезимдерден улам акындык шык ойгонуп чыгабы?

- Экөө тең болот, кээде тагдыр да чыгармачылык шыкты ойготушу мүмкүн, чөйрө таасир бериши да мүмкүн. Негизи акындык талант тубаса берилет. Мына ошол тубаса берилген талантты өстүрүп алуу анын өз колунда. Көп окуш керек. Талбаган эмгек менен изденүү керек, ар тараптуу болушу шарт.

- Башынан бери эле коомдук турмушка жигердүү аралашып, ар бир күндүн таңында “Заманада” түз эфир алып барасыз, тынымсыз түйшүгүңүз бар дегендей... Мына ушунун баары акындык изденүүңүзгө тоскоолдук жаратпайбы?

- Тескерисинче, мен өз жумушумдан ырахат, эргүү алган адамдардын катарын толуктайм десем да болот. Чыгармачылыкты сүйгөн киши убакытты кандай болсо да табат, анын үстүнө ырга көп деле убакыттын кереги жок. Негизи ырды аз жана саз жазыш керек деп ойлойм.

Бетти даярдаган
Махабат АЛЫМБЕК кызы

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Дос жөнүндө эссе

“ТҮГӨЙҮҢ” ЭЛДИН ЭСИНДЕ!

Менин колумда Алымов Жакшылыктын 2009-жылы чыккан “Эсиңдеби, түгөйүм...” аттуу китеби турат. Бул китепке Жакшылыктын ар кыл темадагы, ар кайсы жылдарда жазылган обондуу ырлары, котормолору, арноолору, кызы Жылдызга арналган өксүү ырлары, “согуш... атам... арман...” аттуу ырлар циклы, “жашоо...сүйүү...убакыт...” жөнүндөгү ой толгоолору киргизилген. Ушул китептин жарыкка чыгышын өмүр бою эңсеп жүрүп, аны да көрө албай бул дүйнөдөн өтүп кетти. Китептин башталышында “Өзүм жөнүндө эки сөз” деген куштун тилиндей маалымат бар. Анда ал: “Мен көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээгиндеги Чоң-Өрүктү деген айылда 1942-жылы 14-апрелде туулгам. Атам Алым ошол жылдын 22-майында кан күйүп турган мезгилде согушка кетип, ушул күнгө чейин өлүү-тирүүсүнөн дайын жок” деп жазган. Өзү болсо 2008-жылдын 21-августунда катуу оорудан кийин бул жашоо менен кош айтышкан. Китебинин чыкканын көрбөй калды дегеним ошондон.



ЖАКШЫЛЫКТЫ ТУУРАП МЕН ДА ЫР ЖАЗДЫМ

Жакшылык менен 1962-жылы таанышкам. Анда мен Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетинде, ал филология факультетинде окучубуз. Башка жолдошторго караганда бизде кандайдыр бир жакындык бар эле. Азыр ойлоп көрсөм, ал экөөбүздүн тең атадан эрте ажыраганыбыз, же болбосо ыр жандуулугубуз, бирөөлөрдүн жетегине кирбестен өз алдыбызча эркин ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүбүздөн болсо керек. Ал ар кандай ийримдерге катышып, ыр жазуунун же болбосо адабий чыгармаларды талдап окуунун ыкмаларын айтып жүрүүчү. Аны туурап мен да ыр жазууга аракет жасагам. Ал көп жылдар бою өзүмдүн дептеримде сакталып жүрүп, айрымдары 2014-жылы чыгарган “Табият, инсан жана жан дүйнө” деген китебиме киргизилген. Анын бир тобунун жазылышына Жакшылыктын салымы бар экенин жашыра албайм.

СТУДЕНТТЕР БАЛКОНГО ЧЫГЫП ЫР УГУШЧУ

1964-жылы Мырзакайым Сатыбалдиев деген курсташым экөөбүз жатаканада бир бөлмөдө жашадык. Өзүбүз чакан радиостанция жасап алып, ар кандай берүүлөрдү уюштурчубуз. Анда көбүнчө Жакшылык жаңы жазган ырларын окучу. Студенттер балкондорго чыгып, же болбосо терезелерин ачып коюп угушчу. Ошол жылдары Жакшылык “Ата” деген аңгемесин жазган. Ошол аңгемени көп жолу өзүнүн окуусунда берчүбүз. Көпчүлүк студенттер аны кайра-кайра суранышчу, себеби көпчүлүгүнүн аталары согушта курман болгондор, же дайынсыз жоголгондор, же болбосо согуштан майып болуп келгендер болчу. Жакшылыктын ал аңгемесинде ошол учурдагы студенттердин ар биринин тагдыры бар эле. Ал аңгеме кийин республикалык радиодон Абилезим Ниязовдун көркөм окуусунда бир нече жолу берилген.

РЫСПАЙ АБДЫКАДЫРОВ МЕНЕН ТААНЫШКАН КҮН

1964-жылы апрель айында студенттердин өздүк көркөм чыгармачылыгынын республикалык кароосу болду. Апрелдин башында биздин 307-бөлмөгө Оштон эки студент келди. Бири айтылуу Рыспай Абдыкадыров, экинчиси Абдыкерим Алымов экен. Абдыкерим менин курсташым Мырзакайымдын тууганы болгондуктан бизге келишиптир. Биздин бөлмөгө бир түнөп, эртеси фестивалга кетишти. Кароо ал убактагы Н. К. Крупская атындагы орус драма театрында болду. Биз көргөнү бардык. Бир убакта Р. Абдыкадыров “Түгөйүм” деген ырды ырдап чыкты. Сөзү Ж. Алымовдуку дегенде баарыбыз оозубузду ачып, таң калдык. Көрсө бул ыр мурда эле “Ленинчил жаш” газетасына жарыяланган экен. Ошентип Рыспай менен Жакшылык “Түгөйүм” аркылуу таанышышкан.

Андан кийин экөөнүн биргелешкен чыгармачылыгы жемиштүү болду. Мен окууну бүтүп Ат-Башыга кеткенде да Жакшылык Рыспайга берген же бере турган ырларынын текстин почта менен мага салып жиберчү. Мисалы, “Эсиңдеби”, “Таанышыңдай карагын”, “Сага”, “Күттүм сени” ж. б. “Энекем” деген чыгарма студент кезибизде эле жаралган. Башта ар бир куплети төрт саптан эле болучу. Аны мен эски элдик обонго салып, азыр деле ырдап жүрөм. Кийин ар бир куплетти алты сапка айландырган вариантына музыка жазылып ырдалып жүрөт.

ТРОЛЛЕЙБУС МЕНЕН МҮШӨКТӨП КӨМҮР ТАШЫП...

1963-жылдын 13-декабрында Жакшылык Медицина институтунда окуган Анар менен үйлөнүп, бала-чакалуу, неберечөбүрөлүү болушту. Жаңыдан үйлөнгөндө Иваницын көчөсүндөгү батирде турушту. Аны тапканга чейин орус улутундагы абышка-кемпир жашаган канчалаган короонун эшигин какпадык! Бул жагынан алганда Жакшылык өтө өжөр, көздөгөнүнөн кайтпаган көк жалдыгы бар болучу. Кыштын күнү университеттин көмүрканасынан 2-3 мешок көмүр сурап алып, аны 5-троллейбус менен "Ысык-Көл" кинотеатрына чейин алып келип, андан үйүнө чейин көтөрүп жеткирип да жүрдүк. Ошол жылдары Фрунзе көчөсүндөгү азыркы Өкмөт үйүнүн арткы бөлүгүн реконструкция жасаган. Ал жерден жыгач чамындыларды чогултуп, үйүнө көтөрүп кетчү. Кийин үйбүлө күтүүнүн ошондой кыйынчылыгын тартканынын үзүрүн көрдү. Бирок балдар-кыздарынын жакшылыгын жаңыдан татып келе жатканда көз жумганы өтө өкүнүчтүү болду. Айла канча, эскерип, ал жөнүндө жакшы сөздөрдү айтуу менен өзүбүздү сооротуп келебиз.

РАСУЛ ГАМЗАТОВДУН “ТООЛУК КЫЗЫ”

Жакшылык өз учурунда классиктердин чыгармаларына кызыгып, айрымдарын которуп да жүрдү. Алардын айрымдары жогоруда аталган китепке кошулуптур. Автордун оюн туура түшүнүп, аны кыргыз окурмандарына өтө жеткиликтүү тил менен жеткире билүү оңой эмес экенин билебиз. Мисалы, Роберт Бернстин “Мектептин куу чиренинин мүрзөсүндөгү жазуу” деген эпиграммасын мындайча которгон: “Таслим бүгүн бала окуткан куу чирен, Ал тозокко түшкөндүгү байкалды. Тарбиялап жата берсин чыгарып, Кичинекей шайтанчадан шайтанды.” Же болбосо “Көк мээнин баш сөөгү” дегенин мындайча чечмелейт: “Баарын өзү билет дечи, Кудайым, Бирок адам ойлоп-ойлоп берет таң. Эмнеликтен көк мээлердин баш сөөгүн, Ушунчалык бышык кылып жараткан.” Бул жерде комментариянын эч кереги жок.

Жакшылыктын өтө сүйүп которгон чыгармасы белгилүү Расул Гамзатовдун “Тоолук кызы” (“Горянка”) эле. Аны которгондон кийин басмадан чыгарууга каражат издеп кимге гана барбады. Акыры депутат С.Урманаев жардам берем деди деп сүйүнүп жүргөндө, өзүнүн көзү өтүп кетти. Ал котормонун тагдыры кандай болду, мага белгисиз. “Бири кем дүйнө” эмес эле миңи кем дүйнө болду.

ТИЛЕКТЕШ ИШЕМКУЛОВГО РАХМАТ!

Жакшылыктын филолог жолдоштору, обончу-композитор достору деле көп болчу. Алардын бир тобуна комуз чаап, белекке берип жүргөнүн да билем. Бирок Ж. Алымов жөнүндө үн катпай жүргөндөрү мени таң калтырат. Бирок Жакшылык менен эч байланышы деле жок, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, профессор Тилектеш Ишемкуловго миң мертебе ыраазычылык билдирем. Ал киши “Багыт.kg” газетасынын 2020-жылдын 29-январындагы санына “Терең, таза жана тунук лириканын тубаса устаты” деген көлөмдүү макаласын жарыялады. Атыңызга жараша бардык жакшы иштерге тилектеш экениңиздин далили ушул! Рахмат сизге!

БИР БУТАГЫ СЫНГАН МӨМӨЛҮҮ ЧОҢ ДАРАК

Жакшылык менен Анар 45 жыл бирге жашашты. Мурда эскергендей, “Эсиңдеби, түгөйүм...” деген китепте, ал өзү жөнүндө “Адегенде райондук жана облустук гезиттерде котормочу, облустук радионун алгачкы уюштуруучуларынын бири болдум. Кийин “Ленинчил жаш” гезитинде 1976-жылдан 1979-жылга чейин адабий кызматкер болуп иштедим. Пенсияга чыкканча айылда мугалимдик кесипти аркаладым” деп эскерет. Ошол жылдары Жакшылык менен Анар үч кыздуу, бир уулдуу болушкан. Кызы Жылдыз Орус тили жана адабияты педагогикалык институтунда окуп жүргөндө айыл-чарба жумушуна барган 26 кыздын арасында болуп, автоавариядан каза болгон. Ага өкүнүп, күйүп-бышып жүрдү, күйүт ырларды жазды:

“Ажал дейбиз, кырсык дейбиз айласыз,
Ажал, кырсык карыларга келбейби.
Жок дегенде ошол кыз күн көрсүн деп,
Ал кырсыкты мага деле бербейби” деп мүңкүрөдү. Бул айла жоктон айтылган мүңкануу.

Улуу кызы Нургүл – апасынын жолун жолдоп, врач. Бишкекте жашайт. Экинчи кызы Сырга – атасынын жолун жолдоп, журналистикада 15 жыл эмгектенген, акыркы 12 жыл мамлекеттик кызматта. Бишкекте жашайт. Уулу Нурлан – кесиби боюнча экономист, ата-конушту ээлеп, атасы туулуп өскөн Ысык-Көл районунун Чоң-Өрүктү айылында жашайт. Жеке чарбасы менен алектенет. Неберелери: Мээрим – жеке компанияда иштейт, Нурдин – КР Башкы прокуратурасында эмгектенет, Жанболот – Будапешт шаарында магистратурада окуйт, Улукбек – Кыргыз-Россия Славян Университетинин студенти, Жолдошбек, Нурболот, Акшоола, Тагай – мектеп окуучулары, кичүү небереси Амантай 5 жашта. Чөбүрөсү Дария 2 жашта. Баарыңарга жакшылык каалайм! Алтын башыңар аман, бооруңар бүтүн болсун!

ПАЙГАМБАР КОШКОН ДОС БОЛОТ

Адам өмүрүндө ар кандай адамдар менен кездешет. Бири менен жөн эле алыш-бериш болсо, башкалары менен кесиптеш, айрымдары менен жоро-жолдош, көңүл курбу, дос жана башка. Булардын ичинен “дос” деген өтө оор, өтө ыйык. Менин өмүрүмдө атам кол кармаштырган бир гана досум болгон. Ал дагы каза болуп калган. Ушул сыяктуу эле Жакшылык да “болгону эки дос күттүм, алар Бекбай, Исакун эле” деп чыгармасында жазган. А мен болсом Жакшылык менен кандай аталыштагы мамиледе болгонумду билбейм, бирок ал мага арнаган көп ырларынын биринде:

“Күн сайын күлкү түнөткөн,
Жүзүңүз жайнайт күн өпкөн.
Атамдай сүйүп ардактап,
Урматтайм сизди жүрөктөн” деп жазыптыр. Өзү деле айта албаптыр. Кеп анда эмес. Биздин бири-бирибизди түшүнө билгенибиз, бири-бирибизди сыйлообуз, бири-бирибизге ишенгенибиз эң башкысы болсо керек.

“ЭСИҢДЕБИ, ТҮГӨЙҮМ” БААРЫН ЭСКЕ САЛДЫ

Урматтуу “Терең, таза жана тунук лириканын тубаса устаты”, эгер көзүң тирүү болгондо 80 жашың менен ак дилимден куттуктап, колуңду кармайт элем. Ошондой болсо да, “Эсиңдеби, түгөйүмдү...” кайрадан окуп, сени менен 1962-жылдан 2008-жылга чейин жүргөн күндөрдү эстеп алдым. Чыгармаларыңдын мазмунуна, оюңдун тереңдигине, сөздөрүңдүн тактыгы менен курчтугуна, балдарыңдын жетишкен ийгилигине кубандым. Кайрадан ойго баттым. Жылдызга арнаган ырыңды окуп, көзүмдөн жаш кетти. Эми айла жок. Өмүрлүк жарың Анардын май айында болуучу 80 жылдык юбилейи менен үйбүлөмдүн атынан чын дилден куттуктайм. Балдарыңа, небере-чөбүрөлөрүңө кенен келечек каалайм! Кесиптеш жазгычтар, адабиятчылар сенин чыгармаларыңдын маани-маңызын ачып, объективдүү баа берет деген терең ишеничтемин. Ылайым ошондой болсун! Баары бир “Түгөйүң” элдин эсинде түбөлүккө сакталат!

Эсенбек МАМБЕТАКУНОВ,
педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, Ардактуу академиги, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты,
Ж.Баласагын атындагы КУУнун кафедра башчысы

Алтын уя

БАР БОЛ, КЫЛЫМ ЖАШАГАН АСЫЛ МЕКТЕБИМ!

Алай районундагы Тапык Отунчиев атындагы гимназия мектебине 100 жыл болду. Ар бир мектеп өзүнүн бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Бул мектепти бүтүргөн Советтер Союзунун Баатыры Выглазов Григорий Исаевич (1919-1942) баштаган сыймыктуу жоокерлер, көптөгөн саясий, партиялык ишмерлер, чыгаан илимпоздор, депутаттар, спорттун мыкты чеберлери, эмгек алдыңкылары, маданияттын мыктылары, жалпы эле Кыргызстандын, ал тургай мурдагы Союздун аймагына эмгектери менен аттын кашкасындай таанылган бүтүрүүчүлөрү өтө эле көп...

Сөз башынан болсун, Кыргызстанда Совет бийлиги жаңы орной баштаганда эле элдин сабатын ачууга чоң маани берилген. Анткени, эл арасындагы арабча кат тааныган молдолорду сабаттуу деп эсептешкени менен жаңы Совет бийлигине керектүү сабаттуу адамдар жок болгон. Андыктан жер-жерлерде элдин сабатын ачуу негизги маданий-социалдык гана маселе болбостон, саясий да маанилүү маселелердин бири эле.

Алай өрөөнүндө алгачкы мектеп да ликбез (сабатсыздыкты жоюу) мектеби катарында 1922-жылы "Дыйкан жаштар" деген ат менен Гүлчө айылында ачылган. А кезде кыргыз алфавити болбогондуктан, алгач араб алфавити менен окуу башталган. Бул мектепке Жоробай аттуу киши жетекчилик кылган. Ал Ош шаарынан келген. Алгачкы окуу бөлмөсү болуп Иванов деген орустун үйү эсептелген. Оболу бир гана класс уюштурулуп, жергиликтүү колунда бар адамдар каржылап турган. Анда эсеп, эне тили, география сабактары боюнча жергиликтүү адамдар кат сабатын жоюшкан.

Кийин Оштон, Ташкенттен, Россиянын башка шаарларынан алгачкы окутуучулар келишип, чоң эмгектерди жумшашкан. Кийинчерээк жергиликтүүлөрдөн да сабаттуулар чыга баштап, мында Жамшит менен Кулбак деген адамдардын орду чоң болгон. Алар окууга жана окутууга кеткен чыгымдарды, башка каражаттарды элден чогултушуп, уюштуруу иштерин жүргүзүшкөн. Ал эми парта жана окутуу үчүн зарыл болгон буюм-тайымдар Ош шаарынан төөгө жүктөлүп алынып келинген.

1924-жылы жалпы элдин күчү менен ашар ыкмасында мектептин жаңы имараты тургузулуп, жатак мектеби (интернат) катары 90 окуучуга эсептелинген. Мектепке Ташкент шаарынан келген өзбек улутундагы Рахматилла деген мугалим директор болуп дайындалган. Бул мектепте Алайдын алгачкы партиялык кадрлары Бубаев Жолдош, Эрматов Шайназар, Мадакимов Маматаали, Акжигитов, Султанов Кадырмаматтар окушкан.

1925-1926-окуу жылында мектепке орус тили предмети киргизилген жана биринчи бүтүрүүчүлөрү төрт жылдык мектепти бүтүрүп чыгышкан. Бул учурда мектептин директору болуп Арстанбеков Абдыкаар, кийинки окуу жылында Рыскулов деген адам иштеген.

1930-жылдан баштап бул мектеп Алай-Гүлчө зонасы үчүн уюштурулган Орозбеков атындагы балдар үйү деп аталса, 1932-1936-жылдары "Коммунисттик жаштар мектеби" деген атты алып жүргөн. 1932-1933-жылдары Сулайманов деген адам директорлук кызматта иштеген жана мектеп жети жылдык болуп түзүлгөн. 1941-жылы жети жылдык мектептин биринчи бүтүрүүчүлөрү мектепти аякташкан. 1933-жылдан 1947-жылдарга чейин Ормотоев, Жетигенов, Нурмамбетов, Садыков, Хасанов сыяктуу педагогдор директорлук кызматта иштешкен. Жети жылдык мектеп 1947-жылы орто мектепке айланып, улуу акын Токтогул Сатылгановдун ысымы ыйгарылган. Биринчи бүтүрүүчүлөр 1949-жылы орто мектепти аякташкан. Алардын арасында Үмөталиев Айтмамат, Исаева Карамат, Самиев Орозали, Мусаев Ороз, Каражанов Тыныбек, Кайрыева Чыныгүл, Сарыбашева жана башкалар бар. 1948-1949-окуу жылында мектеп директору болуп Бакчиева Апиза дайындалып, ал 1952-жылга чейин иштеген. Кийинки жылдарда Сыдыкова, Исаев, Өмүралиев, 1956-1957-окуу жылында Шаршеев, 1957-1958-жылдарда Абдыраимов-дор мектепти жетектешкен.

1958-1959-окуу жылында орто мектеп улуу педагог А.С.Макаренконун ысымына которулган. 1959-жылдан 1963-жылга чейин мектепти Кулбакова Мукарам жетектеген. 1963-жылдан 1968-жылга чейин Касымалиев Эрали, 1968-1969-окуу жылында Латыпова М.Г. директорлук кылышса, 1969-жылдан тартып Тапык Отунчиев директорлук кызматка дайындалган. Ушул эле жылы 640 орундуу, үч кабаттуу мектептин жаңы имараты пайдалануурга берилген.

Арадан 38 жыл өткөндөн кийин, башкача айтканда, 1996-жылы мектепке Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими Т.Отунчиевдин ысымы ыйгарылган. Көзү тирүүсүндө эле "Алайдын Макаренкосу" атыккан Отунчуев Тапык агайдын Алайдын катаал табигатында тоо жериндеги мектепти республикага, ал турсун Союзга атын дүңгүрөткөн ийгиликтерди жаратып, мыкты эмгектенди. Тапык агай баш аягы болуп бул мектепте 27 жыл директорлук кызматта иштеди. Анын укмуштай уюштуруучулук жөндөмү, педагогикалык билиминен сырткары да элине ак кызмат кылайын деген улуу ниети, күнү-түнү талбаган, ийку бетин көрбөгөн карандай эмгегинен сырткары, баланы жанындай сүйгөн бала пейилдиги тоо койнундагы ак калпак элдин, мотурайган кара тору кыздардын-балдардын эстеринде түбөлүк кала берди. Мындан улуу эстелик болобу деги! Мына ушундай педагогдун калыптандырып кеткен иш стилин өздөштүргөн шакирттери, бирге иштешкен кесиптештери Отунчуев Тапык агайдын духунда ушу күндө да ийгиликтүү эмгектенип келатышат.

1969-жылдан бүгүнкү күнгө чейин мектепти жетектеген директорлор:

- 1969-1974-жылдары Тапык Отунчиев;
- 1974-1975-жылдары Карабаева Светлана;
- 1975-1982-жылдары Тапык Отунчиев;
- 1982-1987-жылдары Жээнбеков Амат;
- 1987-1996-жылдары Тапык Отунчиев;
- 1996-2000-жылдары Жээнбеков Досмамбет;
- 2000-жылдын апрель айынан июль айына чейин Калыбаев Назарбек;
- 2000-2008-жылдары Калдыбаев Тайахун;
- 2008-2012-жылдары Зикиров Максатбек;
- 2012-2019-жылдары Асанов Мухаммед.

Ал эми 2020-жылдан баштап учурда Раймкулова Гүлмира мектеп-гимназияны жетектеп келе жатат.

Бул жетекчилердин ар бири өз мезгилинде мектептин ийгилиги үчүн жан-алы калбай эмгектенишкен. Ушул мектепте мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон төмөнкү мугалимдер эмгектенишкен:

1. Кулбакова Мукарам (1922-2003) 1962-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени, 1970-жылы Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, Улуу Ата Мекендик согуштун 50 жылдыгына карата юбилейлик медалы, Эмгек ардагери медалы, 2000-жылы "Мээрим" фондусунун Кутман эне сыйлыгы менен сыйланган.
2. Самиев Орозали (1931-1998) 1978-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени, 1984-жылы Эмгек ардагери медалы менен сыйланган.
3. Зубрикова Зинаида Александровна Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими, Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси.
4. Жукова Лариса Павловна 42 жыл башталгыч класстын мугалими болуп үзүрлүү эмгектенген, Эмгек даңкы ордени менен сыйланган.
5. Эргешова Мендаим Хамедовна 1996-жылы райондук "Жыл мугалими" сынагынын жеңүүчүсү, 2020-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен сыйланган.
6. Абдылдаев Кадырбек Камалович 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, 2018-жылы мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын "Кыргыз тили" төш белгиси менен сыйланган.

Мектепте акыркы жылдарда окуучуларга татыктуу билим берүүдө чыгармачылык дем менен иштеген мугалимдердин жаңы тобу өсүп чыкты. Алардын катарында биология мугалими Сатарова Динара, орус тили жана адабияты мугалимдери Олокова Гүлзар, Касымова Кимсан, Богокова Динара, башталгыч класстын мугалимдери Эргешова Инабат, Молорова Элмира, кыргыз тили жана адабияты мугалими Шананова Бермет, физика мугалимдери Токсонбаев Сыргак, Рысбаева Анара, математика мугалими Кулуева Жазгүл, англис тили мугалими Абдырахманова Үмүткан сыяктуу алдыңкы мугалимдер бар.

Мектеп-гимназиянын окуу-материалдык базасы күндөн-күнгө өсүүдө. Жалпы аянты 2 га, "А" блогу негизги окуу корпусунан, "Б", "В" блоктору жыйындар жана спорт залдарынан, ийрим өтүүчү бөлмөлөрдөн турат. Мектептин сыртында эки спорттук жана кичи футбол аянтчасы, теннис залы, 1 ботаникалык бак, күнөскана жайгашкан.

2021-2022-окуу жылында окуучулардын жалпы саны 1443 окуучуну түзөт. Педагогикалык жамаат 71 мугалимден турат, анын ичинен "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгилеринин ээлери – 26 мугалим. Жалпы 22 класс, анын ичинен: үч лаборатория, 5 административдик бөлмө, 1 эмгек, 8 башталгыч класстардын, 12 предметтик, 5 бөлүп окутуу класстары бар. Ар бири заманбап үлгүдөгү телевизорлор менен камсыз болуп, бардык класстар таза суу, гигиеналык тазалоочу каражаттар менен камсыз болгон. Жети класска: англис тили, физика, информатика, химия, орус тили, кыргыз тили, бир башталгыч класстарга интерактивдүү доскалар коюлган. Ар бир усулдук бирикмеге бирден персоналдык компьютер толук жабдуулары менен берилген. Усулдук класска интернет түйүнү киргизилип, бардык кабаттарга видео көзөмөл орнотулган. Видео көзөмөл аркылуу мектеп директору, анын чарбалык иштери боюнча орун басары онлайн режиминде ички тартипти көзөмөлгө алып турушат. Өрт коопсуздугу жана өзгөчө кырдаалдар учурунда жалынга жана түтүнгө тез сигнал берүүчү сигналдык жабдуу орнотулган, учурда толук кандуу иштейт.

Мындан сырткары, коопсуз мектеп долбоору боюнча окуучулардын мектепке келип-кетүүсүн көзөмөлдөгөн bal.kg тиркемеси ата-энелердин уюлдук телефонуна туташтырылып, онлайн режиминде иштеп жатат. Ар бир мектеп өзүнүн бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Бул мектепти бүтүргөн Советтер Союзунун Баатыры Выглазов Григорий Исаевич (1919-1942) баштаган сыймыктуу жоокерлер, көптөгөн саясий, партиялык ишмерлер, чыгаан илимпоздор, депутаттар, спорттун мыкты чеберлери, эмгек алдыңкылары, маданияттын мыктылары, жалпы эле Кыргызстандын, ал тургай мурдагы Союздун аймагына эмгектери менен аттын кашкасындай таанылган мектебибиздин бүтүрүүчүлөрү жөнүндө кийинки макалада айтууну көздөп турабыз.

Бар бол, кылым жашаган асыл мектебим! Жүз жашың кут болсун! Мен сенде эмгектенип, эрезеге жеткениме сыймыктанам! Элибиздин келечеги үчүн мыкты уул-кыздарды тарбиялай бер!

Кадырбек АБДЫЛДАЕВ,
Алай районундагы Тапык Отунчиев атындагы гимназия мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими

Кадамжай райондук САКБ

1. 2022-жылдын 2-июль күнү саат 10.00дө Даминов Сраждин Галыевичке таандык болгон күрөөдө турган Кадамжай районунун Пүлгөн айылынын А.Жалилов көчөсүнүн н/ж №8-02-13-1003-0327-03 сандуу идентификациялык коду менен катталган - 1968,12 ч.м. болгон турак эмес жайы 2 873 582 сом 80 т. башталган баада:

2. Кадамжай районунун Пүлгөн айылынын А.Гагарин көчөсүнүн н/ж жайгашкан №02-13-1003-0020-02 идентификациялык коду менен катталган - 887,96 ч.м. болгон турак эмес жайы 6 194 014 сом 60 т. башталган баада:

3. Кадамжай районунун Жошук айылынын С.Даминов көчөсүнүн №4 үйүндө жайгашкан №02-15-1004-0251 сандуу идентификациялык коду менен катталган жалпы аянты - 118,0 ч.м. болгон, жашоо аянты - 95,5 ч.м., - 2900,0 жер аянтында жайгашкан турак жайы 1 072 437 сом 60 т. башталган баада ачык соода-сатык экинчи ирет жарыяланат.

Соода-сатык Кадамжай районунун Пүлгөн айылынын А.Жалилов көчөсүнүн н/ж, Кадамжай районунун Пүлгөн айылынын А.Гагарин көчөсүнүн н/ж жана Кадамжай районунун Жошук айылынын С.Даминов көчөнүнүн №4 даректеринде өткөрүлөт.

Кыргыз Республикасынын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндөгү жана аткаруу өндүрүшү» тууралуу Мыйзамдын 84-ст. 4-б каралгандай аукционго катышууну каалаган адамдар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1. Катышууга арыз берүүгө жана аукционго алардын катышуусуна тоскоолдуктар жогу жөнүндө тил кат берүүгө.
2. Мүлктүн баштапкы наркынын 5 пайызы өлчөмүндө сот аткаруучулардын аймактык бөлүмүнүн депозиттик эсебине шерт пул төлөөгө.

Катышуучуларга билдирүү аукционго катышуучулардын арызын кабыл алуу аукционго бир күн калганда бүтөт. Ал эми аукциондо утуп алган адам төлөгөн шерт пул сатып алуу баасынын эсебине чегерилет жана тоороктардын калган катышуучуларынын төлөгөн шерт пулдары тоороктар аяктагандан кийин үч жумушчу күн ичинде кайтарылып берилээри түшүндүрүлөт.

Сурап-билүү үчүн байланыш жумушчу телефон: (03655) 5-04-63 жана мобилдик байланыш +996 (779) 10-55-00.

Кадамжай райондук САКБнын сот аткаруучусу Орозбаев Искендер Камиловичке кайрылсаңыздар болот. Дареги: **Кадамжай шаары, А.Жалилов көчөсү.**

С-992

ЭЛЕКТРОНДУК МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН

БУЙРУГУ

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 3-бөлүгүн жана 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктчасын ишке ашыруу максатында, 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомун жетекчиликке алуу менен

БУЙРУК КЫЛАМ:

1. Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы №175-Б “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө” буйругу;

2) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 22-августундагы №112-Б “Бааны төмөндөтүү усулу аркылуу конкурсту жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндөгү” буйругу;

3) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 11-октябрындагы №140-Б “Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн жүрүшүндө сатып алуучу уюмдардын аракетине даттануларды кароо жана ишенимсиз ак ниет эмес берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) маалымат базасына киргизүү боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиянын ишинин тартиби жөнүндө жобосун бекитүү тууралуу” буйругу;

4) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 11-октябрындагы “Даттануларды жана нааразылыктарды кароо, ошондой эле ишенимсиз жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) дайындар базасына киргизүү боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиянын ишинин тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” №140-Б буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө 2018-жылдын 6-февралындагы №19-Б буйругу;

5) Даттануларды жана нааразылыктарды кароо боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиясын түзүү жөнүндө 2018-жылдын 28-майындагы №2-ДП буйругу;

6) “Даттануларды жана нааразылыктарды кароо боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиясын түзүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 28-майындагы №2-ДП буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө” 2019-жылдын 14-январы №3 буйругу;

7) “Даттануларды жана нааразылыктарды кароо, ошондой эле ишенимсиз жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) дайындар базасына киргизүү боюнча көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиянын ишинин тартиби жөнүндө жобосун бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2017-жылдын 11-октябрындагы №140-Б буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө 2020-жылдын 30-марты №42-Б;

8) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдын 31-декабрындагы №150-Б “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө” буйругу;

9) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2020-жылдын 2-октябрындагы №99-Б “Мамлекеттик сатып алуулар веб-порталынын товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн электрондук каталогун администрациялоо боюнча нускаманы (колдонмосун) бекитүү тууралуу” буйругу;

10) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2021-жылдын 2-февралындагы №1-ДП “Ички берүүчүлөргө жана подрядчыларга жеңилдиктерди колдонуу боюнча методикалык нускаманы бекитүү жөнүндө” буйругу.

3. Укуктук камсыздоо башкармалыгы төмөнкү иштерди аткарсын:

1) катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин-Тоо» гезитине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин расмий сайтына жарыялансын;

2) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

3) күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтүлсүн.

4. Мамлекеттик сатып алуулар департаменти ушул буйрукка ылайык товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуулар боюнча сатып алуучу уюмдардын ишин координациялоону жана жөнгө салууну камсыз кылсын.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Министр **А.К.БАКЕТАЕВ**

Бишкек шаары, 2022-жылдын 17-майы, №85-Б

*Маалымат үчүн: «Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартиби» толугу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (**www.gov.kg**), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (**www. minfin.kg**) жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин (**cbd. minjust.gov.kg**) сайттарында жайгашты.*

ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПОРЯДКА ПРОВЕДЕНИЯ ЭЛЕКТРОННЫХ ГОСУДАРСТВЕННЫХ ЗАКУПОК

В целях реализации части 3 статьи 2 и подпункта 1 части 2 статьи 8 Закона Кыргызской Республики «О государственных закупках», руководствуясь постановлением Правительства Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 15 сентября 2014 года №530

ПРИКАЗЫВАЮ:

1. Утвердить Порядок проведения электронных государственных закупок согласно приложению.

2. Признать утратившими силу:

1) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении нормативных правовых актов в сфере государственных закупок» от 14 октября 2015 года №175-П;

2) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Порядка проведения конкурса методом на понижение цены» от 22 августа 2017 года №112-П;

3) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке работы независимой межведомственной комиссии по рассмотрению жалоб и протестов, а также по включению в базу данных ненадежных и недобросовестных поставщиков (подрядчиков)» от 11 октября 2017 года №140-П;

4) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «О внесении изменений в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики от 11 октября 2017 года №140-П «Об утверждении Положения о порядке работы независимой межведомственной комиссии по рассмотрению жалоб и протестов, а также по включению в базу данных ненадежных и недобросовестных поставщиков (подрядчиков)» от 6 февраля 2018 года №19-П;

5) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об образовании независимой межведомственной комиссии по рассмотрению жалоб и протестов» от 28 мая 2018 года №2-ДП;

6) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «О внесении изменений в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об образовании независимой межведомственной комиссии по рассмотрению жалоб и протестов, а также по включению в базу данных ненадежных поставщиков (подрядчиков)» от 28 мая 2018 года №2-ДП» от 14 января 2019 года №3;

7) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении нормативных правовых актов в сфере государственных закупок» от 31 декабря 2019 года №150-П;

8) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «О внесении изменений в приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке работы независимой межведомственной комиссии по рассмотрению жалоб и протестов, а также по включению в базу данных ненадежных и недобросовестных поставщиков (подрядчиков)» от 11 октября 2017 года №140-П» от 30 марта 2020 года №42-П;

9) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции (Руководства) по администрированию электронного каталога товаров, работ и услуг веб-портала государственных закупок» от 2 октября 2020 года №99-П;

10) приказ Министерства финансов Кыргызской Республики «Об утверждении Методической инструкции по применению льгот внутренним поставщикам и подрядчикам» от 2 февраля 2021 года №1-ДП.

3. Управлению правового обеспечения провести следующие работы:

1) в течение трех рабочих дней со дня регистрации опубликовать настоящий приказ в газете «Эркин-Тоо» на государственном и официальном языках и на официальных сайтах Кабинета Министров Кыргызской Республики и Министерства финансов Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить настоящий приказ в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

3) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить копию приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики.

4. Департаменту государственных закупок проводить координацию и регулирования деятельности закупающих организаций по осуществлению государственных закупок товаров, работ, услуг и консультационных услуг в соответствии с настоящим приказом.

5. Настоящий приказ вступает в силу со дня официального опубликования.

Министр **А.К.БАКЕТАЕВ**

г.Бишкек, 17 мая 2022 года, №85-П

*В порядке информации сообщаем, что «Порядок проведения электронных государственных закупок» в полном объёме размещен на сайтах Кабинета Министров Кыргызской Республики (**www.gov.kg**), Министерства финансов Кыргызской Республики (**www.minfin.kg**) и Министерства юстиции Кыргызской Республики (**cbd.minjust.gov.kg**).*

ОАО "ЧАКАН ГЭС"

18 мая 2022 года в 14.00 часов в здании ОАО «Национальная энергетическая холдинговая компания» по адресу: г.Бишкек, ул.Жибек Жолу, 326 состоялось внеочередное Общее собрание акционеров. Форма проведения - очная, кворум собрания 2747242 голосов - 100%.

НА ВНЕОЧЕРЕДНОМ ОБЩЕМ СОБРАНИИ ПРИНЯТЫ РЕШЕНИЯ:

1. Возложить функции Счетной комиссии на представителя независимого реестродержателя ОсОО «Фондрегистр» Джеенчороеву Нургуль Сейтбековну.
2. Согласовать организационную структуру и штатное расписание Общества.
3. Внести изменения в бюджет Общества на 2022 год.
4. Внести изменения в Положение о порядке выплаты вознаграждения руководителю и заместителям руководителя ОАО «Чакан ГЭС» и ввести в действие с 01.05.2022 года.

С-193

Баткен шаарынын Нургазыев көчөсүнүн тургуну Шерматов Мухамедали Абдухаликовичке 24-июль 2013-жылы мам. каттоо тарабынан берилген №8-01-01-0001-0008 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-145

ЖОГОЛДУ

УТЕРЯ

Жеке ишкер Калыков Адылбек Дюшебековичке тиешелүү Түп районунун райстат бөлүмү, мамлекеттик салык башкармалыгы тарабынан (22.01.2001-жылы берилген) сериясы ИГР -83957, регистр. №3725, код ОКПО 23407253, ИНН 21211196700390 күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-590

Исаков Жаныбек Ажыгуловичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү ЖТ-363 (05.09.1999-ж.б.), код 4-05-04-01 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-952

Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор айылынын тургуну Жумадылов Жыргалбек Алманбетовичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЖА-267, иден. коду 2-02-06-0008-0088 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-558

Сатыбалдиев Нурали Нишанбаевичке тиешелүү мамлекеттик актылары Ч №1039745, Ч №1039746 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-955

Чыбылдиев Тагайбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү ТТ №002682 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-953

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Ражапбаев Муслим Кудусович код ОКПО 29700190, ИНН 20712197300467 считать недействительным.

Н-896

В связи с утерей государственного акта о праве частной собственности на земельный участок СЧ№201896 на имя Сапаралиевой Гульжан Эсеналиевны считать недействительным.

П/П-90

В связи с утерей свидетельства на право пользование земельной долей 4-Ж-VIII СN№203 (от 13.01.1999 г.) на имя Асанбекова Усена считать недействительным.

Н-951

Подразделение службы судебных исполнителей Свердловского района г.Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЕ ОТКРЫТЫЕ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ

- жилой дом с офисными помещениями общей полезной площадью - 970,9 кв.м., расположенный на земельном участке мерою - 518,0 кв.м., находящийся по адресу: г.Бишкек, ул. Осмонкула, д. 113, идентификационный код №1-03-05-0038-0232, принадлежащий Шаршеновой Чолпон Толомушовне на праве частной собственности на основании Договора купли-продажи от 29 апреля 2014 года зарегистрированного в Бишкекском городском управлении по землеустройству и регистрации прав на недвижимое имущество за №201464774, Государственного акта о праве частной собственности на земельный участок №Ч536457 от 29 апреля 2014 года, Акта приемки в эксплуатацию №050 от 5 апреля 2016 года. Определить начальную (стартовую) продажную стоимость заложенного имущества в размере 581 116 долларов США, что составляет 40 590 952,6 сом (сорок миллионов пятьсот девяносто тысяч девятьсот пятьдесят два сома шесть тыйын) по курсу НБКР на день вынесения решения;

- оборудование: принтер 3 в 1 Canon, стол компьютерный, стол, стол, сейф, принтер Кэнон, жалюзи, ноутбук Асер, стол руководительский, стол приставной, кресло 2 шт., компьютер, компьютер, МБП, компьютер, стол письменный, стол простой, стол «Напалеон», нетбук 2 шт., принадлежащее ОсОО «Меридиан Логистик». Определить начальную (стартовую) продажную стоимость заложенного имущества в размере 2 066 долларов США, что составляет 144 310,1 сомов (сто сорок четыре тысячи триста десять тысяч сомов десять тыйын) по курсу НБКР на день вынесения решения; Определить способ реализации заложенного имущества путем его продажи с публичных торгов в форме открытого аукциона. Определить организатором публичных торгов ПССИ соответсующего района.

Торги состоятся **24 июня 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения имущества.

Лицам, участвующим в торгах необходимо внести **5%** от стоимости имущества до начала торгов на депозитный счет ПССИ Свердловского района г.Бишкек.

Депозитный счет ПССИ Свердловского района г.Бишкек БИК **440204** р/счет **4402042100000489** Банк Центрального казначейства МФ КР, код платежа **14511900**.

Обращаться судебному исполнителю ПССИ Свердловского района г.Бишкек Нишанову Нурбеку Акжоловичу по телефону: (0703) 91-34-95.

Н-932

ПССИ Октябрьского района г.Бишкек

ОБЪЯВЛЯЕТ ПРОВЕДЕНИЕ ПУБЛИЧНЫХ ПОВТОРНЫХ ТОРГОВ на заложенное имущество

- квартира расположенная по адресу: г.Бишкек, ул.Малдыбаева, 54 «Б», квартира 99, идентификационный код: 1-04-17-0015-0085-03-099, принадлежащий на праве собственности Осипову Сергею Юрьевичу, путем продажи с публичных торгов, установив стартовую цену в размере 6 558 629 (шесть миллионов пятьсот пятьдесят восемь тысяч шестьсот двадцать девять) сом.

Для участия на торгах желающим необходимо за день до начала торгов внести **5%** гарантийный взнос на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек. Покупная цена должна быть внесена не позднее 7 (семи) дневного срока после проведения торгов на депозитный счет ПССИ Октябрьского района г.Бишкек. Торги состоятся **24 июня 2022 года в 10.00 часов** по месту нахождения имущества: **г.Бишкек, ул Малдыбаева, 54 «Б», квартира 99.**

Организатор торгов судебный исполнитель ПССИ Октябрьского района г.Бишкек – Садыков А.И. Справки по телефону: (0505) 13-33-33.

Реквизиты: Центральное казначейство при МФ КР, БИК: **440001,** р/с: **4402032100000408** (депозитный счет) ПССИ Октябрьского района г.Бишкек, код платежа: **14511900** в назначении указать участника торгов и номер дела.

Н-931

Судебный исполнитель ПССИ Аламудунского района Чуйской области Алмамбет уулу А.

ОБЪЯВЛЯЕТ ПУБЛИЧНЫЕ ТОРГИ на заложенное недвижимое имущество:

в виде квартиры расположенное по адресу: с.Кара-Жыгач, ул.Пушкина №59 кв. 4, Аламудунского района идентификационный код 7-01-07-1001-0360-01-004, принадлежащая Штереверя Юлии Владимировне.

